**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**

**Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.18.575 Диссертациялык кеңеш**

**Кол жазма укугунда**
**УДК : 894.341**

**АКМАТОВА ВЕНЕРА САЙПИДИНОВНА**

# “Манас” эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш (XX кылым)

10.01.01 – кыргыз адабияты

филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2019**

Диссертация Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кыргыз адабияты бөлүмүндө аткарылды

**Илимий кеңешчи:** **Ибраимов Осмонакун Ибраимович,** КРУИАнын мүчө-корреспонденти, ф.и.д., Кыргыз-Түрк Манас университетинин Чыгыш тилдер бөлүмүнүн профессору

**Расмий оппоненттер:** **Култаева Үмүт Баймуратовна,** филология илимдеринин доктору, Бишкек мэриясынын регламент жана редакциялоо бөлүмүнүн адиси

**Абакиров Курманбек,** филология илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атын. КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы

**Мамбеталиев Кубан Ильязович,** филология илимдеринин доктору, Борбордук Азия университети

**Жетектөөчү уюм:** **Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасы, дареги 723500, Ош ш., Ленин көчөсү, 331**

Диссертация 2019-жылдын 29-ноябрында саат 13.00дө КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине жана К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Д.10.18.575 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен КР УИАнын Борборлоштурулган илимий китепканасынан (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин китепканасынан (720033, Бишкек шаары, Фрунзе көч., 547), К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин китепканасынан (722044, Бишкек шаары. Тынчтык проспектиси, 27) жана Диссертациялык кеңештин www.sovet.aytmatov.tk сайтынан таанышууга болот.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н. Т.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Кыргыз элинин улуттук көркөм маданиятын «Манас» эпосу жок элестетүүгө мүмкүн эмес. Кыргыз элинин көркөм ойломунун уникалдуулугу, кенендиги жана тереңдиги «Манас» жана XX кылымдагы кыргыз адабиятынын феномени менен ченелип-өлчөнөт. Ал эми кыргыз профессионал адабиятынын калыптанышында, өсүп-өнүгүшүндө «Манас» эпосунун тикелей таасири, алган орду да өзгөчөлүү. Улуу эпос менен өткөн кылымдагы кыргыз руханий дүйнөсү – бири-бири менен тутумдаш, бири-биринен ажырагыс эки көркөм-эстетикалык бийиктик жана дүйнө. Ушул эки эстетикалык көркөм дүйнөнүн, атап айтканда, «Манас» эпосу менен кыргыз профессионал адабиятынын ич ара жуурулушуп, алакалаш болушу, бир мезгилде жашап, мезгилдеш болуп, ошол эле учурда эстетикалык жактан «тогошуусу» илимий-теориялык жактан алып караганда өтө кызыктуу бөтөнчөлүк.

«Манас» эпосун изилдөө, аны аңдап-таануу, илимий жаткан интерпретациялоо, жарыялоо, башка тилдерге которуу, дүйнөгө таанытуу тарыхы – XX кылымдагы кыргыз адабиятынын жана маданиятынын да тарыхы десек жаңылбайбыз. Анын негизги жыйынтыктарынын бири – эпостун дүйнөлүк деңгээлде таанылышы, манастаануу илиминин пайда болушу жана калыптанышы. Ал эми XX кылымдагы «Манас» эпосуна байланыштуу саясий-идеологиялык коньюнктуранын оош-кыйыштары, эпостун татаал тагдыры, анын өткөн кылымдагы кыргыз адабияты менен өтмө катар байланышы – өзүнчө кызык жана илимий жактан абдан маанилүү жана актуалдуу проблематика. Бул маселени изилдөө – эпостун айланасындагы ар кыл мезгилдеги айыгышкан идеялык карама-каршылыктарды, күрөштөрдү, кеткен кемчиликтерди жана жетишкендиктерди ачып берүүгө өбөлгө түзөт.

«Манас» эпосуна байланыштуу илимий жана идеологиялык талаш-тартыштар жана ага байланыштуу ар кандай илимий жыйындардын, талкуулардын, конференциялардын уюштурулушу кыргыз адабий илиминин да баскан жолу болуп саналат. «Манас» эпосу ар кыл тарыхый учурларда элибизге, анын ичинде көркөм өнөр ээлерине дем берип, экинчи жагынан кыргыз илимий интеллигенциясын ойготуп, анын калыптанып, такшалып, ар тараптан өнүгүшүнө түрткү болду.

Кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн тарыхындагы эң олуттуу идеялык талаш-тартыштар «Манас» эпосунун айланасында келип чыккан жана улуттук көркөм жана илимий ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө зор түрткү берген деп айтууга болот.

«Манас» эпосунун кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүшүнө тийгизген таасири тууралуу айтканыбызда, алды менен улуу жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын көрсөтүүгө туура келет. Белгилүү адабиятчы К.Асаналиев Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын «улуу эпостун

өнүгүшүнүн экинчи фазага өтүүсү», байыркы эпостун кайрадан гүлдөп-өнүгүүсү, улануусу катары карайт [Асаналиев, К. «Манас» эпосу жана Чыңгыз Айтматов [Текст] // Кыргыз Туусу. – 1995. – 18-август]. Ырасында эле «Манас» эпосу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын башатына жол ачкан көркөм булактардын бири болуп саналат. Ал эми академик А.Акматалиев болсо Ч. Айтматов өз чыгармачылык тажрыйбасында «Манас» баштаган «элдик оозеки чыгармачылыктын алтын казынасына кайрылуунун, аны иштеп чыгуунун үлгүсүн бүткүл дүйнө адабиятына көрсөткөн», – деп белгилейт [«Манас» энциклопедия [Текст] – Б.,1995. – Б.46]. Чынында да жазуучунун интеллектуалдык бийик деңгээли, тубаса таланты «Манас» эпосун башкача өңүттөн түшүнүүгө, көрүүгө кенен мүмкүнчүлүк берген сыяктанат. Дегеле кыргыз адабиятынын майданында ар жылдары болгон талаш-тартыштар чыгармачыл чөйрөдөгү ар бир инсандын адеп-ахлактык деңгээли, интеллектуалдык күзгүсү болгон. Ошол адабий талаш-тартыштардын мүнөзү, табияты «Манас» эпосунун айланасындагы идеялык күрөштө да чагылып турганын көрүүгө болот.

Коргоого сунуш кылынып жаткан изилдөөнүн актуалдуулугу – “Манас” эпосунун XX кылымдагы баскан узак жана карама-каршылыктуу жолун изилдөө жана XX кылымдагы кыргыз адабияты менен өтмө катар өтүшкөн ич ара байланышын, анын айланасындагы идеялык күрөштү илимий жактан аңдап-таануу болуп эсептелет. Ошону менен бирге улуу эпостун ар кайсы доордо улам жаңы кырлары менен ачылышы, улам жаңы муундарга улам жаңы мааниси менен таасир этиши, саясий, идеологиялык жана чыгармачыл процесстерге жандуу аралашуусу жана окурмандар тарабынан кабылданышы – диссертациянын негизги илимий проблематикасы жана изилдөө аспектиси.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жатышкан ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Илимий изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясындагы Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кыргыз адабияты бөлүмүнүн илимий иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Диссертациялык иштин негизги максаты.** Изилдөөнүн негизги максаты – «Манас» эпосунун түбөлүк кыймылдагы, жандуу маданий жана адабий процесске ар дайым көп тараптуу жана өнөгөлүү таасир эткен өлбөс эпос экенин анын XX кылымдагы тарыхы жана тагдыры аркылуу ачып берүү. Советтик режимдин «Манаска» жасаган мамилесин илимий жактан интерпретациялоо, саясий жана идеологиялык коньюнктуранын ойногон ролун иликтөө, аны тиешелүү фактыларга таянып жана ар кыл саясий-идеологиялык көз караштарды эске алуу менен ачып берүү, талдоого алуу, эпостун марксисттик-лениндик идеялардын призмасынан каралышы (пантүркизм, панисламизм, буржуазиялык-улутчул), эпикалык чыгарманын табияты, улуттук

идентификация маселеси, эпостун кыргыз адабий-көркөм ой жүгүртүүсүнүн өнүгүү тенденцияларына тийгизген таасирине илимий баа берүү, «Манас» эпосунун айланасындагы кыргыз адабиятындагы идеялык күрөштөрдү талдоо жана ошол идеялык күрөштүн кыргыз көркөм сөз маданиятынын калыптанышына жана өнүгүүсүнө тийгизген таасири жана ордун аныктоо – илимий иштин башкы максаттарынын бири болуп саналат.

Коюлган максатты ишке ашыруу үчүн **төмөнкүдөй милдеттер** белгиленди:

- «Манас» эпосунун кыргыз совет адабиятынын калыптанышындагы орду жана көркөм өнүгүүгө тийгизген таасирин изилдөө;
- эпостун басылып чыгышына, которулушуна жана изилденишине советтик идеологиянын тийгизген таасирин белгилөө;
- эпостун улуу идеяларына социалисттик, коммунисттик идеология-нын чен-өлчөмдөрүн таңуулоонун жыйынтыктарын, оош-кыйыштарын, түпкү себептерин талдоого алуу;
- эпостун вульгардык-социологиялык сындын обьектисине айланы-шын, ага арналган илимий конференциялардын маанисин аныктоо;
- кыргыз адабиятынын тарыхындагы эпоско байланыштуу идеялык күрөштөрдүн келип чыгышынын себептери жана алардын илимий, көркөм өнүгүүгө тийгизген таасирин аныктоо;
- эпостун көркөм структурасындагы, эстетикалык системасындагы эң негизги проблемалардын Ч.Айтматов тарабынан анализделишин иликтөө;
- кыргыз адабиятындагы ар кыл көркөм-эстетикалык концепциялар-дын карама-каршылыгы жана анын Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы белгилүү талашта орун алышын анализдөө;
- эпостун 1991-жылдан кийинки улуттук кайра жаралууга, эгемендүүлүккө идеялык таяныч болушун жана жаңы улуттук идеологияны калыптоого руханий база катары кызматын, жаңы улуттук аң-сезимди өнүктүрүүгө кошкон зор салымын изилдөө.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Диссертация «Манас» эпосунун XX жүз жылдыктагы адабий-көркөм процесстеги орчундуу ролун, эпостун өткөн кылымдагы татаал жана ошону менен бирге жолдуу тагдырын, коомдук ролун, руханий маанисин, 20-жылдардан тартып эгемендик дооруна чейинки баскан жолун, эпостун тегерегиндеги идеялык күрөштүн кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө тийгизген таасирин кенен фактологиялык жана саясий-идеологиялык, илимий-эстетикалык тыя-нактардын, чечимдердин жана токтомдордун негизинде изилдеген алгачкы эмгек болуп саналат. Ошону менен бирге XX кылымдагы кыргыз адабия-тынын тарыхындагы эпостун ролун иликтөө жана “Манасты” адабий өнүгүүдөгү ар кыл идеялык күрөштөргө жанаша коюп кароо да бул эмгектин негизги саамалыктарынын бири болуп эсептелет.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Бул

изилдөөнүн негизги жоболору менен тыянактары манастаануу жана кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн алкагын алда канча кеңейтет. Иликтөөнүн негизги илимий-теориялык жыйынтыктарын «Манастаануу» жана «Кыргыз адабиятынын тарыхы» предметтерин жогорку окуу жайларында окутууда кеңири колдонууга болот. Мындан тышкары предметтер аралык байланыш боюнча «Кыргыз таануу», «Ата Мекендин тарыхы» предметтерин окутууда да кенен пайдаланууга мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- «Манас» эпосунун XX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз адабиятынын – эки эстетикалык көркөм бийиктиктин, ич ара тыгыз карым-катнашта болушу, тутумдаш көркөм-эстетикалык орбитада жашап келиши, эпостун ар качан кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармачылыгына түрткү берип, талаш-тартыштын, кырчылдашкан идеялык күрөштүн платформасына айланышы атайын изилдөөгө алына турган, аңдап-тааный турган илимий-теориялык маселе болуп эсептелет.
- Кыргыз совет адабиятын түптөөдө жана калыптандырууда «Манас» эпосунун ээлеген орду жана эпостун тегерегиндеги идеялык күрөштүн жандуу адабий процесске тийгизген көркөм – эстетикалык таасири өзгөчөлүү. «Манас» эпосун изилдөө, аны аңдап-таануу, көркөм интерпретациялоо, жарыялоо, башка тилдерге которуу, дүйнөгө таанытуу – XX кылымдагы кыргыз адабиятынын жана маданиятынын да тарыхы.
- Кыргыз адабиятынын тарыхындагы А.Токомбаев менен К.Тыныстановдун ортосундагы идеялык күрөштө да улуу эпос четте калбастан, түздөн-түз таяныч-далил катары колдонулганы маалым. Тактап айтканда аягы трагедиялуу аяктаган талаш-тартыш түздөн-түз «Манас» эпосунун айланасында, ага байланыштуу болгондугу белгилүү. Кыргыз адабиятындагы курч идеялык күрөштө (А.Токомбаев – К.Тыныстанов, А. Токтомбаев – Ч. Айтматов) «Манас» эпосу саясий жана идеологиялык аргумент катары колдонулган. Ошондуктан эпостун идеялык мазмунунун түрдүүчө интерпретацияланышына илимий-теориялык көз караштан баа берүү зарылдыгы бар.
- «Манас» эпосуна байланыштуу идеологиялык коньюнктуранын оош-кыйыштары, эпостун XX кылымдагы татаал тагдыры, анын өткөн кылымдагы кыргыз адабияты менен өтмө катар байланышы, курч идеялык күрөш– өзүнчө кызык жана илимий жактан абдан маанилүү жана актуалдуу проблема. Советтик идеологиянын, ар кыл саясий коньюнктуранын эпосту жарыялоого жана которууга, изилдөөгө тийгизген таасири, ”Манастын” айланасындагы талаш-тартыштар, илимий жана көркөм өнүгүүдөгү континуумдун кез-кези менен үзүлүшү изилденүүгө тийиш.
- Эстетикалык баалуулуктардын алмашуусу, адабияттын нукура миссиясы боюнча түшүнүктөрдүн карама-каршылыгын коомдук-тарыхый кырдаал жараткан. Вульгардык-социологиялык сындын кыргыз элинин

эпикалык маданиятына чоң зыян келтирип, эстетикалык, философиялык позициядан баа берүүдө чаташууларга, илимий жаңылышууларга алып келишинин түпкү себептери жана табиятын аныктоо максатка ылайыктуу.

- «Буржуазиялык-улутчулдардын» таасири астындагы идеялык жат көрүнүштөр (пантүркизм, панисламизм) эпостон орун алган деген ой догма катары көп жылдар бою орун алып, «Манас» эпосун изилдөөнүн согушка чейинки этаптары жана 50-60-жылдардагы эпостун тегерегиндеги курч идеялык талаш-тартыштар да ушул маселенин тегерегинде күчөгөндүгү белгилүү.

- Кыргыз маданиятындагы өтө орчундуу тарыхый окуя – 1952-жылкы конференцияга чейинки процесстер жана конференциянын өзү кыргыз адабий процессине таасир тийгизбей коймок эмес. Коммунисттик идеологиянын кульминациясына жетип турган учурундагы идеялык конфронтация кандай болбосун идеялык-эстетикалык көз караштардын өзгөрүшүнө түрткү бермек. Эпоско арналган конференция эстетикалык, улуттук баалуулуктарга башкача өңүттөн кароого жол ачкан. Бейаң түрүндө болсо да соцреализмдин негизги принциптерине кайсы бир деңгээлде ишенбөөчүлүктүн, же дагы тагыраак айтсак күдүктөнүүнүн бүчүрлөрүн жаратып, кыргыз адабиятынын бардык жанрларындагы феноменалдуу «тездеген өсүшкө» кыртыш болуп берген.

- Ч.Айтматов көркөм сүрөткер иретинде эпостун көркөм системасына, терең философиялык маңызына аналитикалык баа бере алган жана анын улуу эпоско карата советтик идеологиялык позициядан айырмаланган, жаңыча иликтөөгө түрткү берген көз караштары бар. «Манас» эпосу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын башатына жол ачкан көркөм булактардын бири болуп саналат.

- Кайра куруу жана айкындык доорундагы «Манас» эпосунун айланасындагы идеялык күрөш соцреализмдин таптуулугу, элдүүлүгү, партиялуулугу жана элдин эки маданияты тууралуу принциптеринин өзү талаш-тартыштуу, реалдуулуктан алыс экендигин астыртан аңдоого түрткү болгон. Кыргыз акын-жазуучуларынын идеялык изденүүлөрүнө жаңы багыт берип, соцреализмдин догмаларына каршы сокку урган десек жаңылышпайбыз. Кыргыз көркөм сүрөткерлерине, адабиятчыларына илимде жана көркөм чыгармачылыкта конформисттик жолдон башка эркин ой жүгүртүү бар экендигин ишаара кылган эле. Эпостун айланасындагы идеялык күрөш кыргыз адабиятынын тарыхына карата илимий көз караштардын өзгөрүүсүнө таасир тийгизген.

- Коомдун этикалык, эстетикалык, идеологиялык нормалары өзгөрүп, жыйынтыгында көркөм-эстетикалык системанын өзгөрүүсүнө б.а. соцреализмдин кризисине алып келди. Постсоветтик доор, постсоветтик кыргыз адабиятындагы рухий баш-аламандыкты иретке келтирүү жана улуттук рухий кайра жаралууга «Манас» эпосунун юбилейин өткөрүү

көмөкчү болду.

- Илимий, саясий обьектиге алынып, эпосту басып чыгаруу, изилдөөнүн тарыхына байланыштуу бардык процесстерди коштоп жүрүп отурган, 20-жылдардан башталып, акыркысы 90-жылдарга чейин созулган эпостогу катмарланууларга болгон көз караштар түп тамыры менен өзгөрдү. Эпоско карата илимий методологиялык көз караш түп тамыры менен жаңыланып, социализмдин амбициясына карама-каршы келген эпостун идеялык тутуму башкача изилдене баштады.
- Эпостун көп маанилүүлүгү аны оозеки сакталып келген көркөм чыгарма катары эмес, таза тарыхый, документалдуу окуя катары кабыл алуу жаралып, акыркы мезгилдерде эпосту талдоодо жана кабыл алууда эки тенденция пайда болду. Биринчиси аны таза тарыхый чындык катары кабыл алуу, экинчиси аны өзгөчө касиеттүү, космос менен байланышкан, диний-идеалисттик окуу катары (кээде дин катары) кабыл алуу. Бул тенденция улуу эпостун философиялык маңызындагы кыргыз элинин тарыхый эстутуму, сакралдык ишенимдери, маданий коду тууралуу жаңы талаш-тартыштардын маңызына илимий баа берүү зарылдыгын жаратты.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** «Манас» эпосунун изилдениши, XX кылымдагы кыргыз адабиятынын өнүгүү тенденциялары менен айкалыштыра кароо, басып чыгаруу жана популяризациялоо маселелери; улуу эпостун советтик идеологиянын контекстиндеги татаал тагдыры, аны конъюнктуралык кызыкчылыктар үчүн колдонуу аракеттерин талдоо; эпостун идеяларынын коммунисттик идеяларга зордоп жанаштыруу аракеттерин анализдөө, кыргыз адабиятынын тарыхындагы жана эпостун айланасында болгон идеялык талаш-тартыштарды талдоо жана аларга илимий баа берүү; эпоско байланыштуу идеялык күрөштөрдүн кыргыз көркөм ой жүгүртүүсүнө жана анын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин аныктап, талдап көрсөтүү, илимий тыянак чыгаруу.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги мазмуну Азербайжан, Түркия, Казахстандын илимий басылмаларында 4 жана 8 макала Россиянын илимий басылмаларында жарыяланды. Мындан тышкары Кыргызстандын илимий басылмаларында 20 макала жарык көрдү.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Изилдөөнүн алдына коюлган максатына жана милдеттерине ылайык диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, он эки параграфтан, баптар боюнча кыскача корутундулардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн концепциясы, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу, коргоого коюлуучу негизги жоболору, изденүүчүнүн жекече салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

**1-глава. «Манас» эпосу жана XX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз адабияты: илимий-теориялык аспект»** деп аталган глава эки параграфтан турат. Анын биринчи параграфы **«Манас» эпосу жана кыргыз адабияты: маселенин илимий жактан изилдениши тууралуу»** деп аталган биринчи параграфта «Манас» эпосу баштаган эпикалык чыгармалардын жандуу көркөм процесс катары профессионал адабияттын көркөм-эстетикалык бийик деңгээлге тез убакыттын ичинде жетишүүсүнө тийгизген таасири белгиленди. Алгач ирет кагаз бетине түшкөн жана илимий көз караштан иликтөөгө алынган кыргыз көркөм сөзүнүн мыкты үлгүсү – «Манас» эпосу. Ошондон баштап бул эпос биздин адабият үчүн түгөнгүс кенч, чыгармачыл жаңы бийиктиктерге жана ачылыштырга шыктандырган теңдешсиз үлгү болуп келе жатат.

Ошону менен бирге бул маселенин, башкача айтканда, профессионал адабият менен элдик эпостун өз ара карым-катнашын, ич ара байышын, өз ара таасир этишин М. Борбугулов, К. Бобулов, С. Жигитов, К. Асаналиев, А. Эркебаев, О. Ибраимов, А. Акматалиев сыяктуу окумуштуулар далай мезгилден бери изилдеп жана байкоо салып келишет.

“Манасты» кыргыз адабиятынан, ал эми кыргыз адабиятын, айрыкча XX кылымдагы профессионал адабиятты бул улуу эпостон бөлүп кароого болбойт. Ал эми жазгыч акындардын дээрлик баары «Манастан» эргүү алып, бул же тигил деңгээлде эпосту чыгарууга, жыйноого же редакциялоого катышкан. К. Тыныстанов, А. Токомбаев, Ж. Бөкөмбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов, М. Байжиев, Ж. Садыков ж.б. же эпосту жарыялоого, же редакциялоого катышкан, же эпостун негизинде чыгарма жазган, жан дүйнөсүнөн сызылып чыккан ой жорууларын жана кабылдоолорун ортого салган. «Манас» эпосу тууралуу ой жоруп, калем шилтебеген кыргыз акын-жазуучусун жана илимпозун кезиктирүү мүмкүн эмес.

Мындан тышкары, эпостун жана кыргыз адабиятынын айдыңындагы идеялык күрөштү иликтөөдө тарыхый өнүгүү өзгөчөлүктөрү жакын адабиятарга кайрылууга туура келди. XIX кылымдагы татар адабиятындагы жаңы багыттар пайда болуп, эскирип, катып калган багыттар жана агымдардын ордуна жаңы, алдыңкы агымдар келип киргендиги, алардын ортосундагы идеялык карама-каршылыктар, анын натыйжасында жазуучулардын дидактизмден, синкретизмдин салттарынан алыстап, көркөм ойлонуунун дүйнөлүк стандартына жакындай баштаганын белгилеген М.В. Гайнутдиновдун [Татар адабияты XIX кылым (Идейно-художественный тезис и исторические судьбы) – К., 2000 – С.354.] эмгегине кайрылдык. Ал эми идеялык карама-каршылыктардын мыйзам ченемдүүлүгүн белгилөөдө азыркы орус адабиятындагы идеялык карама-каршылыктарды изилдеген М.Штахановдун [Идейная борьба в современной русccкой литературе [https://rksmb.org/articles/culture/ideynaya-borba-v-sovremennoy-russkoy]

эмгегине, Г. М. Какенованын казах чыгармачыл интелигенциясынын ортосундагы идеялык күрөштүн түпкү себептерин анализдеген [Какенова Г.М. Идейная борьба в среде интеллигенции Казахстана в 1930-гг.Проблемы изучения/Электронный ресурс: http://articlekz.com/article/5719 ] изилдөөлөрүнө токтолдук. Мындан тышкары кайсы бир адабияттын өнүгүүсүндөгү ички карама-каршылыктардын табиятына сереп салууда адабий багыттардын ичиндеги өз ара идеялык идеялык күрөштөргө кайрылууга туура келди [Загидулина Д.Ф. Формирование этапы становления теории татарской литературы (первая треть XX века) Автореферат на соиск. доктору фил. наук. – К.,2001. – С.70]; [Дружинин П.А. Идеология и филология: Документальное исследование. М., 2012. Т. 1–2. С. 83-135.] Негизинен эпостун айланасындагы жана кыргыз адабиятындагы тенденцияларды талдоодо кыргыз жана дүйнөлүк адабий-эстетикалык ойлорунун, көрүнүктүү өкүлдөрүнүн эмгектерине таяндык.

**Экинчи параграфтагы «Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш: маселенин теориялык жагдайларын»** кароодо коомдун жана көркөм-эстетикалык баалуулуктардын өнүгүүсүндөгү диалектиканын маанисин белгилөөгө туура келет. Анткени идеялык күрөштүн кайсы түрү болсун карама-каршылыктардын биримдигинен турат. Диалектика усулу боюнча дүйнө тынымсыз кыймылда, өнүгүүдө, өзгөрүүдө болуп турат. Кыймылдын, өнүгүүнүн жана өзгөрүүнүн себеби катары ички карама-каршылыктардын биримдиги менен күрөшүн атайт. Антика философторунун стихиялуу диалектикасында бытиенин негизги мыйзамы карама – каршылыктардын күрөшү, анын натыйжасында бир нерсе жаралып же бир нерсе кыйрайт деген түшүнүк орун алган. «Чындык талаштан жаралат» деген сөз Сократка таандык эмеспи, чындыкка жетүү үчүн талаш-тартыш искусствосу зарыл, ал диалектиканы – маектешүүнү жөнгө салуучу искусство катары карап, оппоненттердин ой жүгүртүүлөрүндө карама-каршылык жатса, ар бир аргументке каршы контр аргумент пайда боло турганын, мына ушунтип отуруп чындык, жаңы билим жарала турганын белгилеген. Эпостун айланасындагы полемикалардын табиятында Сократ белгилеген интеллектуалдык талаш-тартышты жүргүзүү методундагы үч башкы принцип: ирония – чындыкты таанууга умтулган адам дайыма жаңы нерсеге даяр болуш керек, өзүнө өзү ишенген кекирейүүчүлүктүн зарылдыгы жок; майевтика – чындык калп, ишенимсиз түшүнүктөрдү чеке кагуу менен жаралат; индукция – чындыкка жетүүнүн татаалдыгы, ага карай тынымсыз умтулууну пайда кыла тургандыгы кандайча орун алгандыгына токтолдуг [Алексеев П. В., Панин А. В. Теория познания и диалектика. – М., 1991. – 383 с.]. Бул жоболор биздин обьектибизге байланыштуу илимий кортудундуларды чыгарууда таяныч болуп берди. Мындан тышкары Гегелдин идеалисттик диалектикасындагы тынымсыз кыймылдагы жана өнүгүүдөгү абсолюттук идея жана бул процесстеги кыймылдаткыч күч

карама-каршылыктардын күрөшүнөн пайда боло турганын белгилеген жобосундагы айрым принциптерге таянууга туура келди [Садовский Г. И. Диалектика мысли. Логика понятий как теория отражения сущности развития. – Минск, 1982. – 310 с.]. Анткени андагы триада: тезис-антитезис-синтез идеялык полемикаларды талдоодо жана корутунду чыгарууга негиз болуп берди. Ар бир өнүгүү ушул схема менен жүрүп – тезис пайда болуп, ага карама-каршы антитезис, бул болсо сөзсүз конфликти пайда кылат. Ал эми синтез ушул эки карама-каршы башталышты бириктирип, аларды компромисске, гармониялуу биримдикке алып келип, анын негизинде жаңы нерсе жаралат эмеспи. Бул тынымсыз, чексиз жүрө бере турган процесс. Адамзаттын өзүнүн жашоосу карама-каршылыктардын күрөшүнөн турат. Бул барып келип өнүгүүнүн булагы болуп саналат. Демек кыргыз рухий дүйнөсүндөгү алган орду өзгөчөлүү болгон «Манас» эпосуна байланыштуу жаралган талаш-тартыштар кыргыз көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө таасирин тийгизбей коймок эмес деген жыйынтыгыбыздын теориялык негизи ушул жакта жатат. Ал эми азыркы учурда диалектика илим, искусство, идеология жана диндин кесилишинде турган кубулуш катары каралууда [ttps://ktonanovenkogo.ru/voprosy-i-otvety/dialektika-chto-ehto-takoe-zakony-dialektiki-filosofii-gegelya.html]. Мындан тышкары, илимий изилдөөнүн обьектиси «Манас» эпосу жана кыргыз адабияты болуп жаткандыктан, эпостун жана көркөм адабияттын эстетикалык өзгөчөлүктөрүнө кайрылуу максатка ылайыктуу болду. А.Веселовскийдин элдик оозеки чыгармачылык идеологиядан алыс деген теориясына таянган окумуштуулар ошол мезгилде айрыкча курч сын-пикирге алынып, эпикалык чыгармалардын (ал эле эмес, илимий эмгектердин да) элдик идеяны таап чыгуу бирден бир илимий куралга же максатка айлангандыгына кайрылдык [Хализев В.Е., Г.Н. Поспелов в пору борьбы с «буржуазным либерализмом» и «космополитизмом» А.Н. Веселовского (1947–1949) // Русское литературоведение XX века: Имена, школы, концепции. М.; СПб., 2012. С. 21–30].

**1-глава боюнча корутундулар**

1. Манас» эпосу баштаган эпикалык чыгармалардын жандуу көркөм процесс катары профессионал адабияттын көркөм-эстетикалык бийик деңгээлге тез убакыттын ичинде жетишүүсүнө таасир тийгизиши улуттук адабияттын бирден-бир өзгөчөлүгү болуп саналат.
2. «Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш коомдун жана көркөм-эстетикалык баалуулуктардын өнүгүүсүндөгү диалектиканын принциптерине ылайык карама-каршылыктардын биримдигинен турат.
3. Идеялык күрөштү иликтөөдө кыргыз адабияты жана манас таануусундагы изилдөөлөрдөн тышкары тарыхый өнүгүү өзгөчөлүктөрү жакын адабияттардагы идеялык карама-

каршылыктардын табияты боюнча илимий корутундуларга кайрылуу туура.

4. Адам коомунун өзү карама-каршылыктардын күрөшүнөн турат жана ал өнүгүүнүн булагы болуп саналат. Кыргыз көркөм сөз маданиятындагы алган орду өзгөчөлүү болгон «Манас» эпосуна байланыштуу жаралган талаш-тартыштар кыргыз көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө таасирин тийгизген.

**2-глава. «Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш: изилдөөнүн обьектиси, предмети жана методологиясы»** деп аталып, 2 параграфтан турат. **2.1. «Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш: изилдөөнүн обьектиси жана предмети»** деп аталган биринчи параграфта изилдөөнүн объектиси жана предметине токтолдук. Изилдөөнүн негизги объектиси – «Манас» эпосунун XX жүз жылдыктагы кыргыз коомундагы мааниси жана ролу, баштан өткөргөн тагдыры, саясий жана идеологиялык, көркөм-эстетикалык полемикаларга дуушарланышы жана анын себептери жана өбөлгөлөрү, публикациялоо тарыхы, которуу жана изилдөө, популяризациялоо маселелери, ошону менен бирге эпостун айланасындагы идеялык күрөш, тактап айтканда кыргыз адабиятынын майданындагы «Манас» эпосуна байланыштуу идеялык күрөштү илимий көз караштан талдоо болуп саналат. Албетте, эпоско байланыштуу ар кайсы жылдары (1925-жылдан азыркы учурга чейин) чыгарылган Өкмөттүк чечимдер, токтомдор, документациялар, архивдик материалдар, эпостун тегерегинде келип чыккан маселелерге байланыштуу материалдар (макалалар, изилдөө эмгектери), эпоско арналган илимий конференциялардын, талкуулардын материалдары, протоколдор да иликтөөнүн обьектисин жана предметин түзгөндүгүн белгилеп өттүк. **2.2. «Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш: изилдөөнүн методологиясы»** деп аталган экинчи параграфта диссертациялык иштин методологиялык негиздери катары “Манас” эпосунун XX жүз жылдыктагы баскан жолун жана кыргыз адабиятындагы опол тоодой ордун диахрондук жана синхрондук аспекттерде изилдөө аракети деп айтуу туура болоор эле. Албетте, изилдөөнүн материалы адабий чыгармалар жана илимий тексттер, ар кандай саясий документтер да болгондуктан, ар кандай тыянактар жана жоболор ошол конкреттүү тексттерге таянып жасалды. Атактуу адабиятчы жана философ М.М. Бахтин айткандай, гуманитардык-филологиялык дисциплиналарда эң негизги таяна турган булак жана бирден-бир чындык – текст болот эмеспи: «где нет текста, там нет и объекта для исследования и мышления. В обобщенной форме в качестве текста можно рассматривать нотную запись музыкального произведения; скульптуру или картину, созданную художником, киноленту, радио- и телепередачу и т.п. Если понимать текст широко – как всякий связный знаковый комплекс, то и искусствоведение

(музыковедение, теория и история изобразительных искусств) имеет дело с текстами (произведениями искусства) [Бахтин, М. М. Эстетика словесного творчества. – М.: Искусство, 1979, С. 281.]. Албетте, гуманитардык илимдердеги башынан колдонуп келаткан изилдөө инструменти – бул конкреттүү тексттерди чечмелей билүү, салыштыра билүү жана ошонун негизинде салмактуу жана ишенимдүү илимий тыянактарды чыгара билүү жана текстти чечмелөөнүн негизги методу болуп эсептелген герменевтика болуп саналат. Окумуштуу А.В. Гижа белгилегендей: «к гуманитарным методам исследования обычно относят методы изучения духовной деятельности человека, а исходными предпосылками для разработки гуманитарных методов исследования послужили идеи и принципы интерпретации и понимания явлений и процессов культурно-исторической деятельности, опиравшиеся на понятия и методы герменевтики. Но герменевтика возникла и развивалась в неразрывной связи с истолкованием и пониманием текстов, и поэтому ее методы наибольшее применение нашли в таких отраслях гуманитарного знания, как литературоведение и искусствознание, литературная и художественная критика, теория и практика перевода и другие» [Гижа А.В. Интерпретация и смысл (Структура понимания гуманитарного текста): – Харьков: Коллегиум, 2005. – 404 с.]. Ошону менен бирге адабий чыгарманы изилдөөдө жана бул же тигил көркөм кубулушту анализге алуу, илимий жыйынтык чыгаруу жагынан жергиликтүү окумуштуу-адабиятчылардын да калтырган нускалары, таалимдери, илимий традициялары бар. Маселен, М.Ауэзов, К.Тыныстанов, Е.Поливанов, В.Жирмунский, Б.Юнусалиев, К.Рахматуллин, Т.Саманчин, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, К.Асаналиев, М.Борбугулов, С.Жигитов, К.Артыкбаев, О.Сооронов, Э.Абдылдаев, М.Мамыров К.Даутов, А.Эркебаев, С.Байгазиев, О.Ибраимов, А.Акматалиев ж.б. лардын эпосту изилдөөгө арналган, кыргыз адабиятындагы ар кандай маселелерди чечмелеген эмгектери биздин изилдөө ишибизде орчундуу методологиялык таяныч катары кабыл алынды. Изилдөөнүн методологиялык негизин обьективдүүлүк принциби, коомдун жана анын маданий-методологиялык феномендеринин диалектикалык өнүгүшү түзөт. Эпостун айланасындагы жана кыргыз адабиятындагы тенденцияларды талдоодо кыргыз жана дүйнөлүк адабий-эстетикалык ойлорунун, көрүнүктүү өкүлдөрүнүн эмгектерине таяндык.

**2-глава боюнча корутунду**

1. «Манас» эпосунун XX жүз жылдыктагы баштан өткөргөн тагдырын, саясий жана идеологиялык, көркөм-эстетикалык полемикаларга дуушарланышын жана анын себептерин жана өбөлгөлөрүн терең жана обьективдүү изилдөө зарылчылыгы бар.
2. Эпосту публикациялоо тарыхы, которуу жана изилдөө, популяризациялоо маселелери мурда изилденип келгени менен ушул

маселелердин тегерегиндеги карама-каршылыктардын пайда болушундагы советтик коньюнктуралык саясаттын таасири жана анын натыйжалары өзүнчө изилдөөгө арзыйт.

3. “Манас” эпосунун XX жүз жылдыктагы баскан жолун жана кыргыз адабиятындагы опол тоодой ордун диахрондук жана синхрондук аспекттерде изилдөө аракети кыргыз көркөм ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшү үчүн маанилүү корутундуларды айтууга негиз боло алат.
4. Эпостун айланасындагы талаш-тартыштар, тактап айтканда кыргыз адабиятынын майданындагы «Манас» эпосуна байланыштуу идеялык күрөштү илимий көз караштан талдоо жалпы эле кыргыз көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүү өзгөчөлүгүнө баа берүүдө чоң мааниге ээ.
5. Эпос жана кыргыз адабиятындагы идеялык карама-каршылыкты изилдөөдө коомдун жана анын маданий-методологиялык феномендеринин диалектикалык өнүгүшүнүн принциптерин негиз кылып алууга болот.

**3-глава «Манас» эпосун изилдөө жана коомдук саясий-идеологиялык дискурс (20-70-жж.)** деп аталып, 5 параграфтан турат. «**Кыргыз адабияты жана «Манас» эпосу 20-30-жылдардын коомдук-саясий контекстинде»** деп аталган биринчи параграфта “Манастын” тегерегиндеги талаш-тартыштар, жазылып алынган тексттерди бастырып чыгаруудан улам келип чыккан кыйынчылыктар, «таптык» позиция деген түшүнүк примитивдүү, формалдуу колдонулгандыгы, чыгарма пайда болгон тарыхый шарт эсепке алынбастан, вульгардык-социологиялык метод үстөм болгондугу, эпосту жарыялоо аракеттери башталганы менен шыр кетпегендигинин себептери талдоого алынды. Коомдогу ар бир көрүнүш “таптык” позициядан бааланып, эпостун өткөн тарыхты чагылдыруусу бүгүнкү саясий талапка жооп бербейт деген бир жактуу пикир, эпосту жыйноо жана жарыялоо иштерине саясий талап 20-жылдардан тартып эле башталган болчу. Кыргыз адабиятындагы ошол кырдаал улуттук көркөм сөздүн негизги бутактарынын бири – «Манас» эпосунун тарыхый тагдырына таасирин тийгизбей коймок эмес. Анткени ошол учурдун шартында «Манас» жаңы адабиятты, маданиятты түптөөдөгү бирден-бир база, мүмкүнчүлүк болчу.

Кыргыз адабиятынын тарыхындагы А.Токомбаев менен К.Тыныстанов-дун ортосундагы идеялык күрөштө да улуу эпос биринчи орунга чыгып, түздөн-түз таяныч-далил катары колдонулганы жакшы маалым. Тактап айтканда, аягы трагедиялуу аяктаган ошол талаш-тартыш түздөн-түз «Манас» эпосунун айланасында жана ага байланыштуу болгон. Мына ошол идеялык күрөштөн улам ал мезгилдин адабияты, адабий сыны көркөм эстетиканын мыйзамдарынан, талаптарынан канчалык алыс экендигин баамдоо кыйынга турбайт.

Кыргыз адабиятындагы биринчи муундан айырмаланып, экинчи муундагы жазуучуларды партиянын көрсөтмөлөрүн механикалык так аткаруучулар катары мүнөздөөгө болор эле. Мына ушул эки муундун ортосундагы кардиналдуу айырмачылыктан улам, алгачкы кыргыз жазуучулар уюмунда карама-каршы топтордун бириккени байкалып турат. Ошентип адабият аренасында саясий күрөштүн оту тутанып, бир даар жазуучулар К.Тыныстановдун, калгандары А.Токомбаевдин айланасына топтолгон. Эгер кыргыз адабиятынын тарыхындагы алгачкы айкаш чыныгы адабий айкаш болгондо кыргыз адабияты утмак. Тилекке каршы, саясий-вульгардык сын жаңыдан түптөлө баштаган кыргыз адабиятына терс таасирин тийгизбей коймок эмес. Эң кейиштүүсү, мына ушул күрөштө «Манас» эпосу бутага алынып, курал катары колдонулгандыгы эле. Ошол мезгилдеги кыргыз адабиятындагы акыбал, каршылашкан тараптар И.Тойчиновдун макаласынан ачык байкалат. Макалада ал «Манас» эпосун бай-манаптык, феодалдык чыгарма деп атап, пролеткульттук позициядан мамиле жасайт. Ал эми «Академия кечелеринин» авторун «пантүркизм желегинин астында согуш-феодалдык доорду мактайт» [Тойчинов, И. Большевисткой самокритикой повысим качество литературной работы. Этапы роста [Текст] //СК. – 1934. – 20-апрель], – деген жыйынтык чыгарат.

Натыйжада кыргыз адабиятынан “антипартиялык идеялар” изделе баштайт. Алар: а) контрреволюциялык жана Алашордонун буржуазиялык-улутчулдук идеяларын кыргыз адабиятына жайылтуу (Тыныстанов); б) пролетариатка жана анын авангарды – Коммунисттик партияга каршы бай-манапчыл идеологияны чагылдыруу (Карачев, Көкөнов, Кенесариев); в) пролетариатка каршы таптын кызыкчылыгы ырдалган элдик оозеки чыгармачылыкты басып чыгарууда марксисттик-лениндик мамиленин жоктугу (кошоктор, күйгөн, “Курманбек”, “Семетей”) [Судьба эпоса «Манаса» после Октября: Сб.документов. [Текст ]/ Сост.: Т.А. Абдыкаров, С.Р.Жумалиев – Б.:Кыргызстан,1995. – С.6].

Адабияттын нукура көркөм эстетикалык милдетин, маанисин туура түшүнбөстүктүн айынан К.Тыныстанов, С.Нааматов, Б.Кененсариев, С.Карачев, Ш.Көкөновдун чыгармалары саясий жактан айыпталган эле. Эң таң калыштуусу 1920-жылдары китеп болуп чыкан «Семетей» эпосу, Боогачынын «Күйгөн», «Секетбай», К.Баялиновдун «Ажары» да бай-манапчыл, эскичил катары айыпталгандыгы кызык. Дегеле чыгармачыл адамдарды саясий позициясы үчүн да, чыгармачылыгы үчүн да каралоо алгачкы жылдардан эле башталганы байкалып турат. Вульгардык-догматикалык позициядан туруп баалоодон улам «Манас» эпосу да катуу сынга кабылып, жабыркаган. Бул токтомдо жаңыдан түптөлө баштаган кыргыз көркөм сөз маданиятынын колунда ошол мезгилде эмне болсо, ошонун бардыгы сындалып аткандыгы көрүнүп турат.

Кыргыз көркөм сөз маданиятынын ишмерлеринин көркөм аң сезиминин

калыптануусундагы эпостун, жалпы эле элдик оозеки чыгармачылыктын ролу чоң болгондугу талашсыз. Биздин максатыбыз эпостун айланасындагы кызуу талаш-тартыштарды тыкыр иликтөө болгондуктан А.Токомбаев менен К.Тыныстановдун ортосундагы адабий айкашка, конкреттүү «Академия кечелерине» кайрылууга туура келет. Дегеле 20-30-жылдары «Манас» эпосуна байланыштуу ар тараптуу иш-чаралар К.Тыныстановдун ысымы менен тыгыз байланышта болгон. Ошол себептен К.Тыныстановдун оппоненттери да атаандашын күнөөлөө үчүн ал шугулданган «Манас» эпосун аргумент катары колдонушкан. 1934-жылы өткөн кыргыз жазуучуларынын 1-уюштуруу курултайында А.Токомбаев докладынын “Кыргыз адабиятындагы идеологиялык күрөш» деген бир бөлүмүн атайын Тыныстановго арнаган. Доклад басма сөзгө «Адабият жат идеядан тазалансын» деген ат менен жарыяланган [Токомбаев, А. Адабият жат идеядан тазалансын [Текст] // Кызыл Кыргызстан. – 1933. – 6-август]. Чынында да К.Тыныстановдун «Манастын күмбөзү» аттуу ыры, эпосту жыйноо, басып чыгаруу, изилдөө, которуу иштери, театр үчүн эпостун негизинде пьеса даярдоосу анын чыгармачыл жана илимий амплуасын түзгөн эле. «Академия кечелеринин» биринчи «кечеси» 1931-жылы даярдалып, бирок кыргыз театрынын сахнасынан 1933-жылдын 29-мартында алынып ташталган. Бул «кечелердин» алгачкы эки картинасы «Манас» эпосуна арналып, тилекке каршы, тексти сакталып калган эмес. 30-жылдардагы коллективдештирүү жана бай-манапчылыкка жана кулактарга каршы таптык күрөш курчуган мезгилде К.Тыныстановдун чыгармачылыгына каршы жаңы кампания дал ошол «Академия кечелеринин» тегерегинде башталган. Ал кампанияда Тыныстановдун «Манасты» сахналаштыруу аркылуу эл чыгармачылыгын идеализациялоону токтотпогондугу, саясий каталарын моюнуна албагандыгы баса белгиленген. К.Тыныстановду каралоо кампаниясы буга чейин эле күчүнө кирип калса да, «Академия кечелери» ага кошумча, ыңгайлуу каскак болуп берген өңдүү. Ошол учурда «Манастын» марксисттик-лениндик идеяларга «туура келбестиги», анда пантүркисттик, панисламисттик идеялардын орун алгандыгы тууралуу маселелер козголуп калган болчу. «Буржуазиялык улутчулдарга» каршы күрөшүү кампаниясы ошентип күч алып, оппоненттерди жок кылуу иши саясий коньюнктура менен төп келишип турган учур эле.

Кыргыз совет жазуучулар союзунун уюштуруу комитетинин президиуму А.Токомбаевдин төрагалыгы астында чакырылып, анын курамында Тойчинов, Дөгдүров, Рахматуллин, Турусбеков, Жакишев, Шабданов, Шиваза, Морозова болуп, чечим кабыл алынат. Ал чечимде Манас тарабынан «эзилген эмгекчи элдин кызыкчылыгы унутулган» деген күнөө коюлуп, «чыгармага негиз катары Манас менен Шабдандын образы жөн жай гана алынган эмес, кыргыз элинин тарыхын чагылдырабыз” деген

калп максат аркылуу өткөн мезгилди даңктоону көздөгөн деп айтылат. Советтик идеологиялык басым «Академиялык кечелердин» авторун абдан кыйын акыбалга калтырып, кийинчерээк актанууга мажбурлап, «Менин жолум, менин чыгармачылыгым, менин бетим» [Тыныстанов, К. Менин жолум, менин чыгармачылыгым, менин бетим // СК. – 1933-ж. – 3-июнь] аттуу макаласында К.Тыныстанов «күнөөсүн» мойнуна алып, Манастын образын чагылдыруудагы кетирген «саясий каталарына» чечмелөө жасаган.

Советтик идеологиянын эпоско карата эки ача позициясы кыргыздын ошол мезгилдеги адабий-илимий коомчулугун да чаташтырып, «Манас» кылымдардан бери каргыз улутунун канына сиңип, эң баалуу, ыйык идеалдары улуу эпос экендигине шек жаратып, ар кандай адашкан ойлорду жаратканы маалым. «Манас» эпосуна карата ошол мезгилдеги кыргыз жазуучуларынын позициясын К.Маликовдун «Манас» [Маликов, К. «Манас» [Текст]// Кызыл Кыргызстан. – 1937. – 31-дек. – №300.] аттуу тенденциоздуу макаласы да кашкайта чагылдырып турат. Кыргыз элинин ошол кездеги белдүү чыгармачыл адамынын ушул өңдүү бир беткей, чаташ пикири кыргыз-акын жазуучуларынын «Манас» эпосуна карата конформисттик маанайын даана, таасын чагылдырып турат десек болот. Дегеле эстетикалык баалуулуктардын чаташуусу, адабияттын нукура миссиясын түшүнүүдөгү алешемдиктер ошол татаал мезгилдин табиятынан жаралган эле.

К.Тыныстанов – А.Токомбаевдин ортосундагы айыгышкан карама-каршылык 1930-жылдардын эң эле драмалуу окуяларынын бири. «Манас» эпосунан алынган сюжет жана «Академиялык кечелер» бул экөөнүн ортосундагы талаш-тартыштын негизги объектисине алынган.

**3.2. Манас» эпосун публикациялоо жана анын тегерегиндеги алгачкы талаш-тартыштар (20-30 жж.)** деп аталган параграфта 20-30-жылдардагы саясий кырдаал, идеологиялык фронттун бардык тармактарында пролетариаттын маданий гегемониясы бекемделгендиги айтылат. СССРдеги социализмдин фундаментин түптөөдөгү ВКП(б) БК нын «Көркөм адабият тууралуу резолюциясында» (1925-ж.) көрсөтүлгөндүгү белгиленет.

Чынында да ушул жылдары улуттук пролетардык адабиятты түзүү иши маданий революциянын максаттарынын бири болуп, фольклорду жыйноо жана басып чыгаруу иштери ургаалдуу колго алына баштаган. Адегенде эле «Манас» эпосуна көңүл бурулган. 1925-жылы жаңы бийлик элдик маданиятты калыбына келтирүү максатында «Манас» эпосунун айрым үзүндүлөрүн басып чыгарып, элге жайылтууну туура табат. РКП(б) обкомунун Агитпропунун коллегиясынын жыйналышында К.Тыныстанов доклад жасап, анда кыргыз тилиндеги адабияттын жоктугуна байланыштуу тез аранын ичинде «Манас» эпосун басып чыгаруу зарылдыгын белгилейт жана алдыга так милдеттер коюлат. Мисалы: жыйналган материалдарды системалаштыруу, экспперттик

комиссияга берүү, редакциялоо ж.б. Мына ушул кыргыз көркөм маданиятынын башатындагы алгачкы аракет К.Тыныстанов тарабынан башталып, жыйналышта төрагалыкты Т.Айтматов жасап, токтомго кол койгон [Судьба эпоса «Манаса» после Октября: Сб.документов. [Текст] / Сост.: Т.А.Абдыкаров, С.Р.Жумалиев К. – Б.:Кыргызстан, 1995. – С.5].

Өз мезгилинин билимдүү адамдары «Манас» эпосунун маанисин аңдабай коюшкан эмес. Айталы, 1920-жылдын апрель айында Түркстан АССРинин Эл агартуу комиссариаты тарабынан көчмөн элдердин арасынан жазма мурастарды жыйноо максатында Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областарына атайын комиссия жиберилген [Данияров, С. Становление киргизской советской культуры (1917-1924гг.) [Текст] – Ф.: Илим – 1983 – С.196].

Ушул эле жылы жазында элдик оозеки чыгармаларды жыйноо боюнча Жети-Суу областык комиссиясы түзүлүп, ага белгилүү агартуучу И.Арабаев жетекчи катары дайындалат. Бул ишке К.Мифтаков, Ы.Абдырахмановдор тартылып, адегенде эле С.Орозбаковдон «Манас» эпосун жазып алуу иштери уюштурулган.

Ошол кездеги тарыхый шарт, экономикалык-социалдык акыбал, кадрлардын жетишсиздиги сыяктуу себептерден улам текст жазуу процессинде бир топ кемчиликтер кеткен. Кийин көп жылдар бою ачык аттары аталбаганы менен «буржуазиялык-улутчулдардын» таасири астындагы «идеялык жат көрүнүштөр» эпостон орун алган деген ой догма катары макаладан-макалага көчүп жүрүп отурган жана эпостун тегерегиндеги курч идеялык талаш-тартыштар да ушул маселенин тегерегинде күчөгөндүгү белгилүү. Бул абалды көпчүлүк учурда изилдөөчүлөр (М.Ауэзов, К.Рахматуллин) жана эпосту жазып алуучулар (К.Мифтаков, Ы.Абдыракманов) улутчулдардын атайын кастыгы катары кабыл алышып, Сагынбайдын арыздарындагы И.Арабаев, Кудайкулов ж.б. ысымдарынын аталышын далил катары көрсөтүшөт. Эгер жогорудагы ысымы аталган алгачкы кыргыз интеллигенттери кандайдыр бир максатты көздөп, текстке өзгөртүүлөр киргизүүгө аракеттенсе, анда Ы.Абдыракманов, же С. Орозбаков, же ошол окуянын дагы бир маанилүүү күбөсү К.Карасаевдердин жазгандарынан, эскерүүлөрүнөн байкалмак.

Эпосту жарыялоо аракеттери башталганы менен иш шыр кете койгон эмес. Эпостун маанилүү эпизоддорун ырааттуу басып чыгаруу иштери 40-жылдардан башталып, 1940-1942-жылдары баш-аягы «Манас» сериясынын 10 китеби жарык көргөн. 20-жылдардын биринчи жарымында текстти жазып алуу менен бирге эле изилдөө иштери да башталган. Бирок бирдиктүү, системалуу болгон эмес. 1928-жылы Илим изилдөө институту ачылгандан кийин «Манас» эпосу илимий изилдөө иштеринин обьектисине айланып, аны изилдөө илимдеги орчундуу багыттардын бирине айланат. Элге керектүү адабий материалдарды таратуу маселесине келгенде да «Манаска»

кайрылуу зарылдыгы орун алган. Ошону менен бирге «Манасты» учурдун идеологиялык талабына жооп бербеген чыгарма деп эсептеген пикирлердин жаралышы алгачкы публикациялардан кийин эле башталгандыгы байкалып турат. «Манас» эпосун толуктап басып чыгаруу сунушун САПР 1935-жылы, 10-январдагы Кыргыз обкомунун ВКП(б)сынын жыйналышында [Судьба эпоса «Манаса» после Октября: Сб. документов. [Текст] / Сост.: Т.А.Абдыкаров, С.Р.Жумалиев К. – Б.:Кыргызстан, 1995. – С. 12] эл агартуу наркому Т. Жолдошев кайрадан коёт. 1935-жылы, 29-мартта «Манасты» басып чыгаруу боюнча редколлегиянын курамы бекитилет. Курамдын ичинде ошол кездин партиялык жетекчиси М.Белоцкий, орун басары Х.Жеенбаев, Совнаркомдун төрагасы Б.Исакеев, белгилүү чыгыштаануучу, академик А.Н.Самойлович, казах адабиятынын классиктеринин бири Сакен Сейфуллин ж.б. баш-аягы 17 адам болуп, 1935-жылы «Чоң казатты» эки тилде басып чыгаруу каралган. Редколлегияда кыргыз адабияты менен маданиятынын көрүнүктүү ишмерлери А.Токомбаев, А.Аильчинов, Х.Жеенбаев, Жумабаев, К.Юдахин, Соколов, Асфендияров ж.б. болуп, илимий кеңешчилер академик А.Н.Самойлович, ошол мезгилдеги түрк элдери боюнча мыкты адис профессор Азадовский бекитилген. Тилекке каршы, көп өтпөй эпосту жарыялоо, анын тегерегиндеги иш чаралар үзгүлтүккө учурап, аталгандардын дээрлик бардыгы репрессияланып кетишкен. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эпостун тегерегинде дайыма эле системалуу иш жүргүзүлгөн эмес. Жүргүзүлсө да ар дайым «Манас» менен шугулданган окумуштууларга саясий ярлыктар, идеологиялык боёгу коюу айыптар тагылып келген. Анын жыйынтыктары акыр-аягында абдан трагедиялуу аяктаган. Бул «Манас» эпосун театралдаштыруудагы талаш-тартыштар, «улутчул», «буржуазиялык-кулак идеологиясын жүргүзгөн» деп айыпталган К.Тыныстановдун кейиштүү тагдырынан ачык көрүнөт.

«Манастын» тегерегиндеги жаасы катуу талаш-тартыштар жазылып алынган тексттерди бастырып чыгаруу процессинде күчөгөн. Ошол кездеги тарыхый кырдаалдын талабына, мүнөзүнө ылайык «Манастын» таптык маанисине көңүл буруу өзгөчө курч мүнөзгө ээ болуп, көп учурда ушул фактор чечүүчү ролду ойногон. Анын үстүнө «таптык» позиция деген түшү-нүк айрым адамдар тарабынан примитивдүү, формалдуу түшүнүлүп, чыгарма пайда болгон тарыхый шарттын мүнөзү эсепке алынбастан, андагы ар бир катмар, же көрүнүш учурдун талабы менен бааланган. Ушуга байланыштуу Кыргызстан КП БКсынын экинчи катчысы Х.Жеенбаевдин 1937-жылы, сентябрь айындагы бюро мүчөлөрүнө жиберген билдирүүсүн атайын белгилеп кетүү зарыл. Ал документте эпосту жарыялоого даярдоо иштеринде контреволюциялык, буржуазиялык, улутчулдук, панисламисттик, пантүркисттик идеологиянын көрүнүштөрүн алып салуу маселеси бир нече ирет каралгандыгына карабастан, азыр да алар аталган кемчиликтер эпосто

кеңири орун алгандыгы, мазмунунда баштан-аяк орноп жатат деп белгиленет. Ошого таянып, эпосту кайрадан карап, түп тамыры менен өзгөртүп туруп гана басып чыгаруу мүмкүн делет [Судьба эпоса «Манаса» после Октября: Сб.документов. [Текст] / Сост.: Т.А.Абдыкаров, С.Р.Жумалиев К. – Б.:Кыргызстан, 1995. – С. 26]. Көп өтпөстөн эпосту басып чыгаруу иши кайрадан көтөрүлүп, 1937-жылы 5-ноябрда КП БКнын бюросу «эпоско өздөрүнүн зыяндуу оңдоо-түзөтүүлөрүн киргизген буржуазиялык улутчулдардын» бети ачылгандыгына байланыштуу «Манас» боюнча редколлегиянын курамын жаңыртуу керек» деген чечим чыгарган. Мурунку текст зыяндуу деп табылып, Аммосовдун буйругу менен «Манас» эпосун басып чыгаруу иштери убактылуу токтотулган. Ошентип 1938-жылдын 2-январында Т.Үмөталиев, Ж.Бөкөнбаев, К.Маликов, Гуревичтерден турган жаңы курам пайда болот. Эпосту басып чыгаруу боюнча редколлегиянын курамын түзүү ушуну менен эле бүтүп калбастан, көп өтпөй 1938-жылы, 4-сентябрда кайрадан жаңы курам (Ө.Жакишев, К. Маликов, Т.Үмөталиев ж.б.) бекитилет. Акыры 1939-жылы, 9-декабрда «Манас» эпосунун биринчи томунун редколлегиясы бекитилет. Анын курамында А.Токомбаев, К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, Т.Үмөталиев ж.б. болушкан.

«Манас» эпосун публикациялоо жана анын тегерегиндеги алгачкы талаш-тартыштардын (20-30-жж.) чоо-жайын түшүнүү үчүн ошол кездеги саясий кырдаалды, БК ВКП (б)нын «Көркөм адабият тууралуу резолюция» [История советской политической цензуры. Документы и комментарии. Текст]. – М.: РОССПЭН, 1997. – С.95] деп аталган партиялык чечиминин маанисине көңүл буруу зарыл. Гезит беттеринде «чыныгы марксисттик сын аз болуп, басма сөз жана басып чыгаруу иштеринде тап душмандардын бети жакшы ашкереленбей жатат» деген сыяктуу талаптар такай айтылып жана жазылып жаткан учур болчу. Өткөн замандын идеологдору пролетариаттын улуттук чектелүүчүлүктү жоё турган саясатына бут тосуп, социалисттик маданий революциянын лозунгуна буржуазиялык-феодалдык Чыгыштын маданияты деген зыяндуу лозунгду карама-каршы “койгондорго” айып коюлуп жаткан учур эле [«Счастье литературы». Государство и писатели. 1925-1938гг. [Текст] Документы / Сост.: Д.Л.Бабиченко – М.:РОССПЭН, 1997. – С.101].

Ушул опурталдуу позиция, тагыраак айтсак, тапчыл позиция 1930-жылдардагы адабий мурастарга карата жаңылыш көз караштын, кыйраткыч сынчыл мамиленин («Манастын» айланасындагы талаш-тартыштар, К.Тыныстановдун эпостун сюжетине кайрылуусунан саясий ката издөө) түпкү негизи болуп кызмат кылды – бул бир жагы. Экинчиси, К.Тыныстанов, С.Карачев, Б.Кененсариев, Ш.Көкөнов сыяктуу кыргыз адабиятына негиз салуучулардын чыгармаларына туура баа бергенге жарай турган адистер жок эле, марксисттик-лениндик идеяларга таянган принциптер да иштелип чыга элек болчу. Белгилүү адабиятчы К. Асаналиев

айткандай: «Касымдын чыгармалары соцреализмдин эстетикасынан кабар жок мезгилде жазылган. Ал мезгилде орус адабиятында көркөм плюрализм, полифония б.а. акмеизмден тартып, символизмге чейин, «Серапионов туугандардан» тартып пролеткультчуларга чейин ар түрдүү адабий агымдар, багыттар өкүм сүрүп, бир катар жашап турган. К.Тыныстановдун чыгармалары эч кандай эстетикалык принципке, идеологияга көз каранды болбостон акындык эргүү менен жаралган. Бул адабият кийинчерээк башталган «кыргыз совет адабиятына» эч кандай тиешеси жок, бул кыргыз көркөм өнүгүшүндө жаңыдан башталып, бирок акын өмүрүнүн трагедиясына байланыштуу континууму үзүлүп калган өзүнчө бир тарыхый тилкесин түзөт» [Асаналиев, К. Өткөн күн мотиви. [Текст] – К-те: К.Тыныстанов, Е.Поливанов (Улуу инсандар) [Текст] – Б., 2003. – Б.104].

Биздин оюбузча, 1932-жылдан тартып жаңы бийлик адабиятка толугу менен кийлигишип, идеялык жетекчилик деген түшүнүк көнүмүшкө айланат. Ошол кездеги саясий бюронун «Адабий-көркөм уюмдарды кайра куруу тууралуу» деген токтому мамлекет менен жазуучулардын ортосундагы өз ара мамиленин жаңы этабы болгон сыяктуу. Ошондон кийин ар кайсы адабий топтор совет бийлигинин платформасын толугу менен колдоп, советтик жазуучулардын бирдиктүү союзуна баш кошкон. Жазуучулар союзунун түзүлүшү менен бирге бийликтин көзөмөлү мурдагыдан да катуу боло баштаган. Жазуучулардын биригүүсү менен эле алардын арасындагы идеялык жана эстетикалык карама-каршылык токтоп калган эмес.

Бул маселеге атайын токтолуп жатканыбыздын чоң себеби бар. Канткен менен ар кандай процесс кандайдыр бир тыянактарга, жыйынтыктарга келүүгө себеп болуп берет эмеспи. Ошол сыңары 1935-жылдын 27-28-декабрында Кыргыз обком партиясы жана республиканын Совнаркому «Манас» эпосу боюнча бүткүл союздук масштабда илимий конференция уюштурган. Конференцияга биринчи секретарь М.Белоцкий катышып, жыйналыштын жүрүшүн Б.Исакеев алып барган. Негизги докладчылар К.Тыныстанов, Е.Поливанов, М.Ауэзовдор болушкан. Конференцияда көтөрүлгөн маселелер жана алардын талкууланышы эпостун айланасындагы идеялык күрөштүн жаңы этабы башталганын күбөлөп турат. Көңүл бура турган нерсе, биринчи жолу эпостун элдүүлүгү тууралуу маселе коюлган. Тилекке каршы, дале болсо вульгардык-социологиялык сын же мамиле конференциянын ишине залакасын тийгизбей койгон эмес. «Манас» кыргыз адабияты үчүн эле эмес, партиянын идеологиясына эмне берет деген маселе күн тартибинен түшө элек болчу. «Биз «Манас» эпосун окурмандарга идеологиялык азык берүү үчүн эмес, пролетардык маданият үчүн керектүү жактарын сын көз менен карап өздөштүрүп алуу үчүн жарыялайбыз», – деген тыянак конференциянын ишинде кызыл сызык сыяктуу белгиленип отурган.

Ошол «Манастын» тегерегиндеги талаштардын апогейи 1937-38-

жылдардагы массалык репрессия болду десек жаңылышпайбыз. БКнын идеологиялык структуралар аркылуу адабиятка кубаттуу көзөмөлү эч бир солгундаган эмес. Жаңы милдеттерге ылайык адабий процесске көзөмөл кылуунун механизмдери гана алмашкан болчу [История советской политической цензуры. Документы и комментарии. [Текст] – М.: РОССПЭН, 1997. – С.127]. Андан да өкүнүчтүүсү, чындап эле «Тыныстановдун куйруктарын кыркуу» кыргыз адабиятында көпкө чейин созулуп, экинчи муундагы манастаануучулардын тагдырында да опурталдуу роль ойногондугу белгилүү.

Кыскасы, Совет өкмөтү бир жагынан «Манас» эпосун которуу, жайылтуу маселелерине колдоо көрсөткөнү менен, экинчи жагынан элдик эпосту марксизмдин идеяларына “ылайыкташтыруу” аракети ишке абдан тоскоолдук кылгандыгын айта кетүү ылайыктуу. Ырас, 20-жылдары эпосту жыйноо иштери кызуу колго алынып, жыйналган материалдарды системалаштыруу жагынан совет өкмөтү чоң роль ойноду, бирок 30-жылдарда идеологиялык фронтто күрөш абдан күчөп, натыйжада эпос да сынга кабылып, анын мазмунуна шектенүүлөр күчөдү.

Ошол эле учурда «Манас» эпосун басып чыгаруу, орус тилине которуу, бириктирилген вариантын түзүү иштери жүргүзүлдү. Бул ишке К.Тыныстанов, М.Ауэзов, К.Юдахин, Е.Поливанов, А.Токомбаев, К.Маликов, мындан сырткары котормочулар С.Клычков, Л.Пеньковский, М.Тарловский, С.Липкиндер, К.Карасаев, У.Абдукаимов, Т.Саманчиндер тартылат. Согуштун алдында «Манас» сериялары деген жалпы аталышта 11 китепче чыгарылган. С. Клычковдун эркин котормосунда «Алмамбет менен Алтынай», С.Липкин, Л.Пеньковский, М.Тарловскийдин котормосунда «Чоң казат», бир нече эпизоддордон турган «Манас» жыйнагы жарык көргөн.

«Манас» эпосун эки тилде басып чыгаруу Сагынбайдын вариантынан башталат. Которуу иштери менен бирге, эпосту которуунун маселелери тууралуу иликтөөлөр жарык көрө баштаганы көңүл буруугa арзыйт.

**3.3. «Манас» эпосу жана вульгардык – социологиялык сын”** деп аталган параграфта эпостун вульгардык-социологиялык сындын обьектисине алынышына байланыштуу бир катар көйгөйлүү маселелер каралды. Ждановдун космополитизм жөнүндөгү 1946-жылы жасалган докладынын («Звезда» жана «Ленинград» журналдары жөнүндө ВКП (б) БКнын 1946-жылы, 14-августтагы жана «Драмалык театрлардын репертуарлары жана аны жакшыртуунун чаралары тууралуу» 1946-ж., 26-августтагы токтомунун [КПСС о культуре, просвещении и науке. Сб. документов [Текст]. – М.: Политиздат, 1963. – С. 551] негизинде чуулгандуу ВКП (б) БКнын атайын токтому чыгып, адабиятка идеологиялык чабуул кызуу башталган. «Звезда», «Ленинград» журналдарына, М.Зощенко, А.Ахматованын чыгармаларына, В. Мураделинин музыкасына саясий айып тагылып, жалпы союз боюнча «улутчулдардын» бетин ачуу, тазалоо

кампаниясы кызуу жүрдү. Ал токтомдо 1937-38-жылдары Совет өкмөтүнө каршы чыккан улутчулдар жок кылынганы менен анын калдыктары кайра баш көтөрө баштагандыгы белгиленет. Токтом чыккандан кийин Москва менен Ленинграддан “тексиз” космополиттер, ал эми түрк тилдүү мусулман элдеринин ичинен “пантүркисттер” кароолго илинди.

Бул кампания акыры жүрүп маданияттагы эки жүздүүлүккө алып келди. 1949-жылы Василий Гроссмандын «Өмүр жана тагдыр» аттуу романын талкуулап жаткан учурда публицист А.Кривицкий СССРдеги адабияттын абалын төмөнкүчө баалаган: «Биздин өлкөдө адабият мамлекетке бириккен, муну мен анын бактысы деп эсептейм» [«Счастье литературы». Государство и писатели. 1925-1938гг. Документы [Текст] / Сост. Д.Л.Бабиченко – М.:РОССПЭН,1997. – С.113]. Бул фразада айтылган ой советтик адабияттагы 20-жылдардын орто ченинен тартып 80-жылдардын аягына чейин түзүлгөн кырдаалды ачык-айкын чагылдырып, адабияттагы же жалпы эле рухий майдандагы репрессивдик сезимдин канчалык кулач жайып, сиңип, орноп калгандыгын көрсөтөт десек жаңылышпайбыз.

Бул тенденция кыргыз адабиятына да түздөн-түз тиешелүү. Канткен менен кыргыз адабияты жалпы союздук процесстин бир бөлүгү эле. Ал эми цензура 1926-жылы түзүлгөн Главлиттен башталган, кийин Улит, Гублит жана Облиттер түзүлгөн. Булар цензура эмес, көзөмөлдөө органдары деп аталса да, идеологиялык көзөмөл советтик тарыхтын ар кандай учурларына жараша («сенектик» доору, кийинчерээк «желаргы» заманы) өзгөрүп отурганы белгилүү. Адабияттын айрым маселелери жана жазуучулардын арасындагы маанай ар дайым партиялык тыкыр көзөмөлдө турган. Адабияттын жогорку идеялуулугу үчүн деген ураан кайра куруу доорунда гана бир аз басаңдаган, ал эми мурунку замандарда “саясаттан четте калуу”, “идеясыздык”, “пессимизм” сыяктуу ярлыктар сынчылар менен адабиятчылардын активдүү лексиконундагы сөздөр эле. Жигердүү, мекенге берилген, кыйынчылыктан корпогон, коммунизмдин жеңишине ишенген жаштарды тарбиялоо деген сыяктуу талаптар адабият менен искусство кызматкерлеринин милдети экендиги системалуу түрдө белгиленип, эскертилип турган.

Ал эми идеологиялык кысымдан улам жапа чеккен адистерди жана окумуштууларды санай келсек, тизмени Молдо Кылычтын чыгармачылыгын изилдеген Тазабек Саманчин жана Жапар Шүкүровдор баштайт. Ал эми кыргыз тили менен адабиятын изилдеген институттун ишиндеги кемчиликтер тууралуу сын материалдарды үзбөй басып туруу жагы «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталарына жана «Коммунист» журналына тапшырылат. Кыргызстандагы улутчулдарды жана космополиттерди издөө К.Орозалиевдин «Кыргызстанда тарыхый илимди жана адабиятты өнүктүрүүнүн кезектеги маанилүү милдеттери» аттуу макаласынан башталып, саясий каралоо максатында жазылган макалалар биринин артынан бири жарык көрө баштаган. А.Токомбаевдин «Кандуу

жылдар» романына, К.Маликовдун ырлар жыйнагына арналган Ж.Бердибеков менен Ж.Самагановдун макалалары («КК», 30.05.48.) репрессивдик маанайда жазылган. Сын-пикирлер негизинен жогорудагы К.Орозалиевдин макаласын колдоп жазылган. Айтылган ойлор да ошол кыйраткыч макаланын чен өлчөмүнөн чыга алышкан эмес. Эпостун тегерегиндеги идеялык талаш-тартыштардын багыттоочулары да ушул эки адам болгонун белгилей кетели. Орозалиевдин чуулгандуу макаласынан кийин кыргыз жазуучуларынын арасында, илимий чөйрөдө бири-бирин каралоо, ушактоо, жамандоо күчөп, рухий ал-акыбал абдан оорлогон. Ошол жылдары «сталинизм», «ждановщина», «массалык репрессия», «өзгөчө жыйналыш», «үчилтиктин чечими» деген терминдер элдин арасында коркунуч менен айтылып, үрөйүн учуруп тургандыгы белгилүү.

Эпостун айланасындагы идеологиялык кампаниялар кыргыз адабиятын-дагы эркин чыгармачылыкка кедергисин тийгизип, көркөм ойлонууну катуу тезге салганын эстен чыгарбоо зарыл. Маселен, ар кайсы мезгилде ар кандай айтуучулардан жазылып алынган «Манас» эпосуна да ревизия жасоо аракети башталып, ошондон улам эпоско туура эмес идеялардын орун алып калгандыгы, идеялык жактан бузулуулар бар экендиги айтылып, ал үчүн басмага даярдалган бардык 12 томду башынан аягына чейин редакциялап чыгуу зарылдыгы белгиленген. Мына ушул иш-чаралардын жыйынтыгында К.Жантөшевдин «Мектепте», «Бир сакалчан», драматург Р.Шүкүрбековдун «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө», «Эки дос», «Жапалак Жатпасов», Т.Байжиевдин «Жигиттер», К. Эшмамбетовдун «Кара-Туман» сыяктуу чыгармалары көркөмдүгү начар, зыяндуу, идеясыз, советтик чындыкты бурмалагандыктары үчүн окутуудан алынып салынган. «Орой саясий жана улутчулдук ката кетиргендиктери» үчүн В.М. Жирмунскийдин «Манас эпосун изилдөөгө киришүү», Тайгүрөңовдун «Кыргыз совет фольклору», З.Бектенов жана Т.Байжиевдин 5-класстар үчүн «Биздин адабият», Бектеновдун 6-класс үчүн «Биздин адабият», 8-класстар үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китептери, Саманчин, Богданова, Жакишев, Рахматуллиндердин «Кыргыз адабиятынын очерки», Саманчиндин «Бир туугандар» аңгемелер жыйнагы колдонуудан алынып салынган.

Ушуну менен чектелип калбастан, кыргыз элинин адабий мурастарына жана тарыхына чабуул улам күчөп отуруп, 1952-жылыдын 27-июнунда Кыргызстандын БКсынын «Манас» эпосу тууралуу токтому чыгат. Анда «Манас» эпосу феодалдык-клерикалдык идеологияга сугарылгандыгы, буржуазиялык-улутчулдар айрым айтуучуларга панисламисттик, пантүркисттик идеяларды мажбурлап киргизишкендиги, ошого карабастан окумуштуулар жана жазуучулар бир катар жылдар бою «Манас» эпосун идеализациялап келишкендиги айтылат да, орусча чыккан «Манас» (М.,1941, Великий поход), «Манас Великодушный» (М.,1948) колдонуудан алып салынсын деген чечим чыгарылат (Из протокола №270 заседания бюро

ЦК КП (б) Киргизии. 27 июня, 1952 г.) Мына ушул корутундунун негизинде кыргыз элинин экинчи муундагы «Манас» изилдөөчүлөрүнүн тагдырына балта чабылган. Манастаануу илими экинчи ирет компетенттүү окумуштуулардан ажыраган. Вульгардык – социологиялык сындын обьектисине 1946-жылы орус тилинде чыккан «Чоң казат» [Киргизский эпос «Манас». «Великий поход». Часть 1-ая. – М., 1946.: Гос. Изд. Худож.лит.] туш болуп, ал тууралуу Г. Нуровдун макаласы жарыяланган [Нуров, Г. «Чоң казат» деген китеп жөнүндө // Кызыл Кыргызстан. – 1952. – 2-февраль.; Нуров Г. О книге «Великий поход» // Сов.Киргизия. – 1952. – 2-февраль]. Г.Нуровдун макаласы «Кызыл Кыргызстан» жана «Советская Киргизия» газеталарына бир убакыттын ичинде кыргыз жана орус тилдеринде жарык көрүшү да көп нерседен кабардар кылат. Бирок «Манас» тууралуу маселе анда да чечилбестен, талаш-тартыштар кайра күчөп, алгылыктуу жыйынтык чыккан эмес. «Манас» эпосуна байланыштуу айрым пикирлерге Ө. Жакишев, А. Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, С.А. Абрамзондун, Л.Климовичтин макалалары да үн кошкон. Тилекке каршы, бул талкуу манастаануунун тарыхында эле эмес, эпосту жазып алуучулар менен аны изилдөөчүлөрдүн тагдырында каргашалуу роль ойногон эле. Бул макалалардагы негизги кемчилик – «Манас» – бул узак убакыттар ичиндеги кыргыздардын тарыхый өнүгүүсүнүн, көркөм ой жүгүртүүсүнүн жыйынтыгы, энциклопедиясы экендигин аңдабагандык эле. «Манастын» доору – согуштук демократия мезгили экендиги эске алынбайт, дегеле бул тарыхый хроника эмес, фольклордук чыгарма экендиги коммунисттик саясий догманын көз жаздымында калган болчу.

**3.4. “1952-жылкы «Манас» боюнча илимий конференция жана анын негизги тыянактарынын кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн өнүгүшүнө, манастаанууга тийгизген таасири”** – деп аталган параграфта бир катар манилүү маселелер каралды. Атап айтканда, ВКП(б)нын «Драма театрларынын репертуары жана аны жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндөгү» токтому советтик маданиятка бир топ терең таасир эткен токтом болду. Ал документте эпикалык чыгармаларга карата да бир катар сын пикирлер айтылып, мурунку бир беткей кеткен сынды кайра жандандырды. Маселен, татар элинин «Идегей» эпосу, азербайжандардын «Коркуд баба китеби», өзбектердин «Алпамыш», казахтардын «Кобланды баатыр», азербайжан, өзбек, түркмөн элдеринин орток эпосу «Көр уулунун», кыргыздардын «Манас» эпосунун ж.б. чыгыш элдеринин элдик чыгармаларына чабуул башталды. Ал эми «Манас» эпосунун айланасындагы талаш-тартыштар бул мезгилде да токтобой, анын туу чокусу 1952-жылга чейин созулду. Ал ортодо бул маселеге арналган 25тен ашуун макала жарык көрүп, идеологиялык карама-каршылык, курч талаш-тартыштар дале болсо тыйылган жок. Мына ошондуктан карама-каршы пикирлерге, позицияларга чек коюу, жыйынтыктоо зарылдыгы өзүнөн өзү туулган учур эле.

1951-жылы февраль-март айларында эпос боюнча чоң илимий конференция өткөрүү тууралуу Кыргызстан КП(б) БКнын чечими чыкты. Албетте, ал кезде бул конференция кийин чоң тарыхка кирип, ал кыргыз эпосу тууралуу бирден-бир маанилүү чечим кабыл алынаарын эч ким билген эмес. Токтомдо биринчи доклад «Манас» эпосунун калыптануусунун тарыхый шарттары» деп аталып, аны проф. А.Якубовский (ИИМК, Ленинград), андан соң «Манас» эпосун изилдөөнүн жыйынтыктары жана милдеттери» деген темада Л.И. Климович (СССР Жазуучулар Союзунан), андан соң «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасы» боюнча А.К.Боровков (Чыгыштануу институту, Ленинград), «Манас» эпосунун варианттарына обзор» деген темада Ө. Жакишев (Кыргызстан жазуучулар Союзу) белгиленет. Мезгилдүү басма сөздө конференциянын жүрүшү жана Б.Юнусалиевдин, М. О. Ауэзовдун докладдары тууралуу супсак гана маалымат берилип, курч таймашуулар тууралуу эч нерсе айтылбаганы менен, чынында талаш-тартыш өтө курч, татаал болгон. Берилген тезистерде, докладдарда эпостун көркөм-эстетикалык табиятына байланыштуу бир катар илимий баяндамалар угулуп, алардын теориялык-методологиялык негизине дале болсо марксистик-лениндик социалисттик эстетика жетекчиликке алынган. Бирок конференцияда эң негизги проблема – эпос элдикпи же элдик эмеспи деген маселе кырынан коюлуп, негизинен ушул маселени окумуштуулар изилдешкен, талдашкан. Бардык эле пикирлерде мурункудай эле эposту тазалоо керектиги улам-улам айтылып, бирок кантип деген суроого жооп табылган эмес.

Бирок бир кызыктуу жери, жасалган докладдарда ошол учурга чейинки манастаануу илиминде эмне болсо, ошонун көпчүлүгүн тануу, жокко чыгаруу аракети байкалат. Докладдан кийин талкуу башталган. Талкууга баш-аягы 22 адам катышкан. Б.Юнусалиевдин жана М.Ауэзовдордун тарыхый баяндамалары мына ушул талкуу учурунда айтылган. Идеологиялык кысым курчуп турган катаал мезгилде, эпосту иликтөөчүлөрдүн биринчи мууну (К.Тыныстанов, Е.Поливанов ж.б.) да, экинчи мууну (Т.Байжиев, З.Бектенов, Т.Саманчин) да катуу, адилетсиз жазага тартылган мезгилде эпостун кийинки тагдырын чечүү абдан маанилүү маселе эле.

Конференциянын акыркы күндөрүндө сүйлөгөн М.Ауэзов өз сөзүндө Б.Юнусалиевдин позициясын андан ары бекемдеп, конференциянын жыйынтыгына оң таасирин тийгизди. Конференциянын чечиминин негизинде «Манас» эпосунун бириктирилген вариантын (КБВ) түзүү тууралуу токтом кабыл алынган.

КБВнын тарыхый-маданий, илимий-методологиялык жактан зор мааниси бар эле. КБВны түзүүгө ошол мезгилдеги кыргыз адабиятынын, илиминин корифейлери тартылып, чыгармачылык потенциалы, энергиясы жакшы пайдаланылган. Мына ошентип, 1958-1959-жылдары Б.Юнусалиев-

дин жалпы редакциясынын астында эпостун кыскартылып бириктирилген варианты жарык көрөт (биринчи китеби 1958-жылы, экинчи китеби 1959-жылы чыккан). КБВнын манастаануу илиминин андан ары өнүгүшүнө, жалпы эле кыргыз маданиятындагы, рухий дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөргө зор түрткү болгон. Чындыгында эле «Манас» эпосунун айланасындагы идеологиялык курч талаш-тартыштар болбой коюшу мүмкүн эмес эле, ага абдан олуттуу саясий-идеологиялык кырдаалдар негиз берип жаткан болчу. Анан калса эпостун мазмунунда ошол кездин расмий саясатына, марксистик-лениндик идеяларга карама-каршы жактар орун алган эле. Катуу кармаштын предметине айланган С.Орозбаковдун вариантында панисламизм да, пантүркизм да бар болчу, бирок ушул идеялар кандай өңүттө, эмне себептен кирип калгандыгын, кандай тарыхый шарт, тарыхый негиз түрткү бергенин тарыхый жактан изилдөө зарылдыгы чечилген эмес.

Маселен, С.Орозбаков менен С.Каралаевден жазылып алынган эпос кыргыз эли оор геноцидди, кызыл террорду башынан өткөрүп жаткан учурда жазылып алынган. Кыргыз элинин рухий дүйнөсүнүн кендирин кескен биринчи жана экинчи репрессияларга С.Орозбаков, С.Каралаев баштаган бир топ манасчылар күбө болгон. Эпоско карата механикалык, вульгардык-социологиялык позициядагылар ошол мезгилдеги советттик турмушка, анын руханий талаптарына үндөш болбосо эле ар кандай адабий түзүмдөрдү коомго жат деп үстүрт тыянак жасап турушкан. Бул концепция «Манастын» көркөм-идеялык, улуулугун, өлбөстүгүн, өзгөчөлүгүн айкын-ачык талдоого тоскоол гана болгон.

Коммунисттик саясат кульминациясына жетип турган учурдагы идеялык конфронтация кандай болбосун адабий процесске да таасирин сөзсүз тийгизмек. Ч.Айтматовдун көркөм феноменинин бир сыры да ошол «Манас» эпосу менен жазуучунун көркөм дүйнөсүнүн ортосундагы тыгыз руханий-эстетикалык байланышта жатат. 60-70 жылдардагы прозадагы, поэзиядагы жана драмадагы жаңылануулардын идеялык башаттарынын бири да ушунда деп айтууга толук негиз бар. Анткени ошол мезгилдеги кыргыз акын-жазуучуларынын бардык мууну бул процесске түздөн-түз тартылып, кенен аралашкан эле.

**3.5. «В. Жирмунский, М. Ауэзов жана Б. Юнусалиев «Манас» эпосу жөнүндө»** деп аталган параграфта кыргыз эпосунун теориясын, көркөм табиятын, келип чыгыш маселесин В. Жирмунский, М. О. Ауэзов, Б. Юнусалиев сыяктуу чоң окумуштуулар кандай аспектте жана кандай илимий негизде изилдеген деген маселе каралды.

Биринчиден, бул окумуштуулар эпосту изилдөөдөгү масштабдуу, илимий көз карашы, теориялык жактан негиздүүлүгү менен эсте калды. Экинчиден, алар чыныгы манастаануунун өзөгүн түзүп турган окумуштуулар. М.Ауэзовдун «Манас» эпосуна арналган изилдөөлөрү жана 1952-жылдагы конференцияда сүйлөгөн сөзү, КБВ боюнча аргументтүү концеп-

циясы анын кыргыз илимий-маданий тарыхына, өнүгүүсүнө кошкон зор салымы деп карасак болот. Белгилей кетүүчү нерсе – Мухтар Ауэзовдун көз караштарында да реакциялык идеологиянын манасчыларга тийгизген таасири тууралуу ойлор камтылгандыгы белгилүү. Ошондуктан М.Ауэзовдун «Манас» эпосун советтик идеологиянын чен-өлчөмдөрүнөн туруп караган айрым тезистери азыр актуалдуулугун бир топ жоготту.

«Манас» эпосун изилдөөгө М.Ауэзов 30-жылдардан тартып эле киришсе, 40-жылдары дагы бир ири окумуштуу, түрк тилдүү элдер адабиятынын мыкты билерманы В.М.Жирмунский келип кошулган эле. Ал «Манас» эпосундагы мотив, сюжет, образ маселелерине кайрылды. Ч.Валиханов жана В.Радлов тарабынан «Манас» эпосунун жазылыш тарыхына токтолуп, манасчылардын айтуучулук өнөрүнүн табиятына илимий байкоо жүргүзүп, кыргыз эпосун башка эпосторго салыштырып кароого аракет жасады. 1947-жылы В.М.Жирмунскийдин «Манас» эпосун изилдөөгө киришүү» («Введение в изучение эпоса «Манас») деген эмгеги кол жазма түрүндө таралып, биринчи ирет 1961-жылы басмадан чыкты. Ошону менен бирге В. Жирмунскийдин эмгеги талаш-тартыш да жаратып, азыр да окумуштуулардын кызыгуусун туудуруп келе жатат. Маселен, эпопеянын келип чыгышы жана өнүгүшү тууралуу ойлору кийинчерээк жаңы табылгалар жана байкоолор менен байыды жана такталды. Экинчиден, В.Жирмунскийдин аталган эмгеги башталып, бирок аягына чыга электе кайрадан вульгардык-социологиялык сындын бутасына алынды.

Кыргыз илиминин тарыхындагы эң белгилүү жана орчундуу конференциянын тарыхы Б.Юнусалиевдин да ысмы менен тыгыз байланыштуу. Мына ушул конференцияда окумуштуунун аты кыргыз филологиясынын эң алдынкы катарына чыгып, өзүнүн бүтүндөй ички потенциалы менен биринчи жолу ачык көрүндү дешке негиз бар. Мына ушул чечүүчү тарыхый кырдаалдан тартып Б.Юнусалиев «Манас» эпосун ар тараптан изилдөөгө алды. Анын илимий изденүүлөрү эпостун генезиси, тарыхый негиздери, образдык табияты, структуралык түзүлүшү, стилистикасы жана сүрөттөө каражаттары сыяктуу проблемаларга арналды.

Ушул конференциядагы Б.Юнусалиевдин аракети кыргыз интеллигенттерине конформисттик көз караштан башка да, эркин ой жүгүртүү, теориялык батылдык, жарандык ар намыс бар экендигин ашкере кылган аракет эле. Корутундулаганда, В.М.Жирмунский, Б.Юнусалиев, М.О.Ауэзовдор совет мезгилинде «Манас» эпосу менен тагдырлаш болушуп, эпоско карата идеологиялык чабуулда алардын эмгектери чечүүчү мааниге ээ болгон.

**3-глава боюнча корутунду**

1. Экинчи муундагы изилдөөчүлөрдүн кыйчалыштуу тагдырына биринчи себеп – ошол кездеги марксисттик деп аталган бир жактуу сын, экинчи себеп – объектиге синхрондук да, диахрондук да мамиленин жоктугу болду.

2. Элдик чыгармачылыкка эч кандай өзгөртүү киргизүү мүмкүн эместигин, элдин көркөм жана эстетикалык көз карашы белгилүү бир тарыхый шарттардын туундусу экендиги эске алынган эмес.
3. Өздөрүн марксизм-ленинизмдин жактоочулары деп санаган сынчылар улуу эпостун коммунисттик идеяларга гана кызмат кылуусун каалашкан эле. Ошонун натыйжасында көп жылдар бою, көптөгөн эмгектерде пантүркисттик, панисламисттик, буржуазиялык-улутчул катмарлануулар деген сыяктуу жаңылыш пикирлер «Манаска» ыйгарылып келди.
4. Кыргыз маданиятындагы өтө орчундуу тарыхый окуя болгон 1952-жылкы конференцияга чейинки процесстер жана конференциянын өзү кыргыз адабий процессине таасир тийгизбей коймок эмес. Коммунисттик идеологиянын кульминациясына жетип турган учурундагы идеялык конфронтация кандай болбосун идеялык-эстетикалык көз караштардын өзгөрүшүнө түрткү бермек.
5. Эпоско арналган конференция эстетикалык, улуттук баалуулуктарга башкача өңүттөн кароого жол ачкан. Бейаң түрүндө болсо да соцреализмдин негизги принциптерине кайсы бир деңгээлде ишенбөөчүлүктүн, же дагы тагыраак айтсак күдүктөнүүнүн бүчүрлөрүн жаратып, кыргыз адабиятынын бардык жанрларындагы феноменалдуу «тездеген өсүшкө» кыртыш болуп берген.
6. Кылымдардан бери кыргыз элинин башкы бааалуулугу болуп саналган эпостун элдүүлүгүнөн шектенүү соцреализмдин өзүнүн идеяларына күдүктөнүүгө прецедент жараткан. Эпостун айланасындагы талаш тартыштар соцреализмдин таптуулугу, элдүүлүгү, партиялуулугу жана элдин эки маданияты тууралуу принциптеринин өзү талаш-тартыштуу, реалдуулуктан алыс экендигин астыртан аңдоого түрткү болгон.
7. Кыргыз акын-жазуучуларынын идеялык изденүүлөрүнө жаңы багыт берип, соцреализмдин догмаларына каршы сокку урган десек жаңылышпайбыз. Кыргыз көркөм сүрөткерлерине, адабиятчыларына илимде жана көркөм чыгармачылыкта конформисттик жолдон башка эркин ой жүгүртүү бар экендигин ишаара кылган эле.

**4-глава “Кайра куруу доорундагы кыргыз адабияты жана «Манас» эпосу боюнча жаңы идеялык күрөш”** – деп аталып, эки параграфтан турат. **4.1. “Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы жана «Манас» эпос**у” – деп аталган параграфта Ч.Айтматовдун чыгармачылык дүйнөсүндөгү «Манас» эпосунун алган орду тууралуу сөз болот.

Улуу эпос менен Ч.Айтматов – кыргыз руханий дүйнөсүнүн эки эстетикалык жетишкендиги, эки мааниси терең көркөм дүйнөсү. Ушул эки эстетикалык көркөм бийиктиктин алакалаштыгы, бири-бирине тутумдаш, тагдырлаш болушу өзүнчө изилдене турган илимий проблема. Белгилүү сынчы К.Асаналиев Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын улуу эпостун өнүгүшүнүн экинчи фазага өтүүсү, байыркы эпостун кайрадан гүлдөп-өнүгүүсү, улануусу катары караганы белгилүү. Анын пикири боюнча, байыркы эпос жазуучунун чыгармачылыгында жаңы эстетикалык, философиялык көркөм бийиктикке

чыгып, жаңыча ойлонуу системасынын негизинде кайрадан жаралган. Албетте, бул аныктамада сынчыга мүнөздүү метафоризм менен образдуу ой жүгүртүү да жатат, бирок “Манастан” эргүү алып, анын зор масштабына, тереңдигине суктанган Айтматов чынында да өз доору тууралуу жаңы бир көркөм дүйнө, жаңы бир көркөм аалам жарата алгандыгы жалпыга белгилүү чындык. Сынчынын пикиринде, Айтматов эпостон эки мааниде таасир алды: биринчиси – «байыркы эпоско азыркыча философиялык-эстетикалык мамиле, экинчиси- көркөм аң-сезимде, түздөн-түз чыгармачылык процессте» шык алуу, таасирленүү [Асаналиев, К. «Манас» эпосу жана Чыңгыз Айтматов [Текст] // Кыргыз Туусу. – 1995. – 18-август]. Ч.Айтматов менен «Манас» эпосунун ортосундагы ички руханий байланыш мына ушундай эки көрүнүштө болгон. Чынында да «Манас» эпосу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын башатына жол ачкан көркөм булактардын бири болуп саналат. Жазуучунун «Жамийла» повестинен «Кыямат» романына чейинки чыгармачылыгында «Манас» эпосунун кудуреттүү стихиясы сезилет, каармандардын мүнөзүн ачууда, ички дүйнөсүн сүрөттөөдө, планетардык мааниси бар гуманисттик, философиялык ой айтууда, адеп-ахлактык проблемаларды козгоодо улуу эпостун таасири кызыл сызык сымал өтүп турганы байкалат.

Ч.Айтматовдун эпоско карата өзгөчө көз карашы анын макалаларынан, интервьюларынан да байкалып турат. Ошону менен бирге эпикалык фактор жазуучунун аң сезиминде, көркөм ойлонуу системасында да өзгөчө бир эстетикалык симбиозду жаратып, анын чыгармаларына масштабдуулукту, жалпы адамзаттык пафосту тартуулайт. Экинчи жагынан, Айтматовдун тубаса интеллектуалдык деңгээли, таланты «Манас» эпосун башкача өңүттөн түшүнүүгө, башка кырынан көрүүгө мүмкүнчүлүк берген өндүү. Деле жазуучунун интеллектуалдык дүйнөсүндө “Манас” негизги орунду ээлегендиги, ар дайым жазган чыгармаларын эпостун масштабдары менен өлчөп, салыштыра карап, эргүү алгандыгы Ч. Айтматовдун чыгармачылык биографиясынан ачык көрүнөт. Ал эми жазуучунун макалаларынан же интервьюларынан «Манас» эпосу тууралуу советтик идеологиянын камчысын чапкан бир да ойду кезиктире алган жокпуз.

Кыргыз жазуучуларынын көпчүлүгү советтик идеологиянын конюнктурасына ылайык 30-жылдардан тартып 50-жылдарга чейин (кийин да) «Манас» тууралуу ар кандай оош-кыйыш пикирлерди айтканы белгилүү. Ал эми Ч.Айтматовдун улуу эпоско карата позициясы көпчүлүк кыргыз акын-жазуучуларынан таптакыр өзгөчөлөнүп турат. Ч.Айтматов биздин эпостон синкреттик искусствонун дүйнөлүк маанидеги бийик үлгүсүн көрүп, чакан, бирок байыркы элдин тарыхый тажрыйбасынан угут алып, ааламдык масштабга суурулуп чыккан “Манасты” жазуучу жаңы философиялык тереңдик менен, эстетикалык бийик туйгу менен аңдап, чечмелөөгө жетишкен эле.

Ч.Айтматовдун «Манас» эпосуна байланыштуу макалаларынын,

интервьюларынын ичинен эки макаласы өзгөчө бөлүнүп турат. Анын бири «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу» деп аталып, Сагынбай Орозбаковдун вариантына жана анын айтуучулук өнөрүнө арналса, ал эми «Ал океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билген» деген макаласында Саякбай Каралаевдин таланты тууралуу сөз козгогон. Ч.Айтматовдун «Манас» эпосу тууралуу негизги көркөм концепциясы мына ушул эки макалада чагылдырылган.

Жыйынтыктаганда, жазуучунун «Манас» эпосу боюнча ой жүгүртүүлөрү улуу эпосту аңдоонун жана баалоонун жаңы өңүттөрүн, жаңы горизонтторун ачты. Ал эми Ч.Айтматов эл алдына чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө, публицистикасында, ар кандай жанрдагы чыгармаларында дайыма «Манас» эпосу тууралуу улуу эпостун өчпөс рухуна сыйынган таризде сөз козгоп, ой жүгүртүүлөрүн ырааттуу улантып олтургандыгын көрөбүз. Кыргыз эпосун дүйнө элине, анын ичинде кыргыз элинин өзүнө ар тараптуу кырларын ачып, таанытууда улуу жазуучунун эмгеги өтө чоң.

**4.2. "Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы идеялык талаш жана анын тарыхый-маданий мааниси" –** деп аталган параграфта Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы «Манас» эпосуна байланыштуу айыгышкан идеялык карама-каршылыктын түпкү тамыры, себептери иликтенди. Чын-чынында бул эки улуу инсандын "Манаска" мамилеси эки башка позиция эле эмес, эки башка дүйнөтаанып болчу. Бул параграфта ушул кармаштын баардык перипетиялары, деталдары толугу менен чагылдырылды.

А.Токомбаев советттик режимдин алгачкы мезгилинен тартып, анын эволюциялык өнүгүшүнүн бардык этаптарын өз башынан өткөрүп, оош-кыйыштарына терең аралашып, көп мезгилдер бою адабий турмуштагы башкы каарман катары катышып келген кыргыз сүрөткерлеринен болуп саналат. Соцреализмдин эстетикалык чектөөлөрү менен калыптары жана советтик цензуранын кысымы атактуу сүрөткердин көркөм ойлонуусуна, табитине катуу таасир эткени да кашкайган чындык. Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин көз караштарындагы ажырым да мына ушул жерден ачыкка чыгат. Жогоруда аталган идеялык кармаш да ошол эки чыгармачыл дүйнөнүн, эки көркөм туйгунун, эстетиканын кармашы же кагылышуусу десек туура болот. Бул ажырым акыры эки жазуучунун ачык кармашына алып келди, коомчулукту эки тарапка бөлүп, эки ортодо айыгышкан полемика жаралып, ага союздук басма сөз да шыкак болуп, ал ортодо чоң саясат да өз ролун катуу ойноп кетти. А.Акматалиев, О.Ибраимов сыяктуу окумуштуулардын айтканына караганда, бул идеялык кармаштын артында Айтматовго карата чоң саясаттын интригасы да орун алган, анткени 1980-жылдарда чынында да Айтматовдун адабияттагы диссиденттик ойлору ачыкка чыгып калган.

Бирок империялык амбиция канчалык күчтүү болгону менен «идеяларды камакка алууга», планетага аты таралган жазуучунун мойнуна

кылтак салууга мүмкүнчүлүгү жеткен жок. Айтматов сыяктуу “башкача ойлонгондор” (инакомыслие) тарабынан ташталган прогрессивдүү үрөн коомдук аң сезимге өзгөрүүлөрдү алып келди, ал кайра куруу жана постсоветтик мезгилде чоң ролду ойноду. Прогрессивдүү интеллектуалдар жана конформисттер, саясий коньюнктуранын кызматкерлери жана эркин ой жүгүрткөндөр ушул идеялык кармашта баары бир чындык каякта экенине көздөрү жетти.

Эркин ой жүгүрткөндөрдү “тартипке салуу” тенденциясы кыргыз адабиятынын тарыхында кенен кездешет. Ушул өңдүү катуу кырчылдашкан талаш-тартыш, кызуу талкуу катардагы чыгармаларга эмес, кыргыз көркөм сөзүндөгү таланттуу жазылган, көркөмдүгү мыкты чыгармалардын айлана-сында да болгону таң калыштуу. 1930-жылдары мындай тагдырга профессионал адабиятты негиздөөчүлөрдүн бири К.Тыныстановдун «Көз көргөндөрү» («Академия кечелери»), 1940-жылдары А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы, У.Абдукаимовдун “Майданы”, С.Эралиевдин поэмалары, Т.Сыдыкбековдун «Көк асабасы», Т.Касымбековдун «Сынган кылычы», К.Жусубалиевдин чыгармалары жана Ч.Айтматовдун «Жамийласы» ж.б. туш болгондугу адабияттын тарыхынан белгилүү. Кыргыз адабиятынын майданындагы бул талаштар чыгармачыл коомчулуктагы ар бир инсандын интеллектуалдык, адеп-ахлактык күзгүсү болгондугун да эстен чыгарбоо зарыл. Ошол идеялык ажырымга негизделген адабий талаш-тартыштардын стили «Манас» эпосунун айланасындагы идеялык күрөштө да чагылган.

А.Токомбаевдин С.Орозбаковдун вариантынын негизиндеги «Манас» эпосуна койгон кинелери «Эпос жөнүндө эки ооз сөз» деген макаласынан башталып [Токомбаев, А. Эпос жөнүндө эки ооз сөз [Текст ]// Ленинчил жаш. –1979. – 13-окт.], «Экономиканы башкарууну кайра куруу-партиялык эң маанилүү милдет» [Экономиканы башкарууну кайра куруу-партиялык эң маанилүү милдет [Текст] // Советтик Кыргызстан. – 1987. – 11-август] деген аталыштагы КП БКнын пленумунда күн тартибине таптакыр тиешеси болбосо да, «Манас» эпосу тууралуу маселени курч көтөрүп чыгуусу менен уланган.

А.Токомбаев С.Орозбаковдун вариантынан идеологиялык “каталыктар-ды” таап, КП БКга улам-улам кат жолдогондугу белгилүү. КП БК да өз мезги-линде жолун таап, тиешелүү жыйынтык чыгарган эмес. Талаш-тартыштын айыгышкан абалга жетип, жалпы кыргыз коомчулугунун алдында чуулган түшүрүүсүнө бийликтин да күнөөсү бар болчу. Бийлик маселени Жазуучулар союзуна түртө салуу менен талашты андан ары курчутуп жиберген сыяктуу. Талаш курчуп отуруп, Ч.Айтматовдун өз атын көрсөтпөгөн макаласы-жообу менен жогорку чегине жетти. Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы пикирлердин карама-каршылыгы акыры апогейине жетип, ачыка чыкты. Бир топ мезгилден кийин ачыкка чыкканы менен, «Токомбаевге жооп» деп аталган

макала «КМ»нын редакциясынын атынан жарыяланып, бирок анын артында Ч.Айтматовдун тургандыгы тар чөйрөгө гана белгилүү эле. Анан калса «Кыргызстан маданияты» газетасы «Жоопту» 1987-ж., 10-сентябрь, №37 жана 10-декабрь, №50 сандарына эки тилде жарыялаган болчу. Мына ушул материалдардан кийин республикалык деңгээлде кызуу талаш-тартыштар башталган.

«Манас» эпосунун тегерегиндеги айгай мына ушунтип өөрчүдү. Кыргыз адабиятынын тарыхындагы эски түшүнүк менен жаңы түшүнүктүн кагылышуусу – эки залкар А.Токомбаев менен Ч.Айтматовдун айыгышынын эң акыркы этабы десек болот. Бирок бул айыгыш көп жылга созулуп, айрым учурда ачыкка чыгып, негизинен тымызын жүргөн нерсе эле. Макала чыккандан он төрт күн өткөндөн кийин сынчы К.Асаналиевдин «Манас» эпосунун тегерегиндеги чайкоочулук, же бир көз караштын он кубулушу» деген макаласы жарыяланат. А.Токомбаевдин пикирине каршы жазылган эки макала тең ишенимдүү, далилдерге, фактыларга таянып жазылып, акындын позициясына катуу сокку берди. Ырас, макалада канткен менен бир катар субъективизмдер да орун алган. Маселен, сынчы Токомбаевдин эпоско карата позициясын эле эмес, жалпы инсандык таржымалын ашкере кылат. Бирок эки макала тең окурмандарга күчтүү таасирин тийгизип, ар кандай маанидеги сезимдерин козгой турган макалалар эле.

Көп өтпөй «КМ»нын редакциясына республиканын бардык булуң-бурчтарынан көптөгөн каттар келип түшө баштаган. Редакция аларды «Унчукпай коё албайбыз» деген аталыштын астында айрымдарын гана жарыялаган [Кыргызстан Маданияты. – 1987. – 22-октябрь. – №43. – Б.13].

1987-жылы 3-сентябрда Жазуучулар союзунун партиялык ачык чогулушунда катышуучулар (кыргыз интеллигенциясынын мыктылары) С.Орозбаковдун вариантына «көө жабуу» аракетин бир добуштан айыпташып, Токомбаевдин жалаасынын бетин илимий жактан ачкан редакциялык макаланы жарыялоону «КМ»га тапшырат. Айткандай эле, партиялык жыйналыштын чечимине ылайык материалдардын бардыгы «КМ»га басылды [1987, 10-сентябрь, №37].

Ушул жерден дагы бир маанилүү факторду эске албай коюу мүмкүн эмес: 80-жылдардын орто ченинен тартып советтик коомдо терең өзгөрүүлөр орун алып, марксизм-ленинизмдин идеялары акырындык менен алсызданып, кадыры кетип, ошол эле мезгилде улуттардын өзүн өзү таануусу күчөп, улуттук баалуулуктар кайра жарала баштаган учур эле. Ошол себептен да А.Токомбаевдин эпоско көз карашына каршы биринен бири курч, күчтүү аргументтери, ишенимдүү ырастоолору менен жазылган макалалар байма-бай жарыяланган болчу.

Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы экинчи бир карама-каршылык, көз караштардын кагылышуусу улуттук тил маселесинен да көрүндү. А.Токомбаев кош тилдүүлүк ыктыярдуу иш, ал эми орус тилин билүү баарына милдеттүү болууга тийиш деген көз карашын билдирсе,

Ч.Айтматов маселенин мындайча коюлушу жөнсүз экенин айтып, жаңы концепцияны – билингвизмди сунуш кылган.

Бул идеялык талаш акыры бүткүл союздук прессага да жетти. Ушул маселеге байланыштуу «Комсомольская правда» «Аргументсиз асылуу» деген макаланы жарыялады. Макала кармашууга «май чачкан» позицияда жазылып, айыгышуунун күчөшүн «Манас» эпосунун айрым саптары интернационализмге сыйбайт, «Манасты» ашыкча идеализациялоо күч алды деген позиция колдоого алынды. Ошентип талаш-тартыш республиканын алкагынан чыгып, ага реакция катары Кыргызстан жазуучулар Союзу 1988-жылы, 22-январда дагы жалпы партиялык чогулуш өткөрүп, «Кайра куруу жана азыркы кездеги коомдук-адабий процесс» маселесине арналган партиялык чогулуштун катышуучулары «Комсомольская правда» газетасына жарыяланган «Аргументсиз асылуу» аттуу макаланы толугу менен четке кагышты.

Эки залкардын ортосундагы карама-каршылыктын ачыкка чыгып, айыгышкан абалга жетүүсүнө советтик империялык саясаттын да тиешеси бар деген ойлор болду. Анткени идеологиялык максатта жазуучулардын арасында бири-бирине кайраштыруу, бирөөнү көпчүлүктүн колу менен талкалоо сыяктуу ыкмалар коммунисттик партиянын тажрыйбасында боло келген. Анын үстүнө бул талаш-тартыштагы империялык саясаттын изи В. Романюктун, Г.Шипитьконун борбордук прессадагы макаларынан да көрүнүп турду. Себеби ошол макалалардан кийин орус адабиятынын белгилүү өкүлдөрү В. Лакшин, С.Аверинцев, В.Бондаренко, В.Кожиновдордун да Ч.Айтматовго карата өтө сынчылдык маанайдагы позициялары биринин артынан экинчиси жарыяланды. Эпостун тегерегиндеги акыркы идеялык кармаштын мисалдарынын бири – белгилүү жазуучу А.Стамовдун ушул процесс тууралуу ой толгоолору жана журналист А. Черемушкинанын каяша макаласы десек болот.

Ушул жерден дагы бир маселенин башы ачылды: кыргыз адабиятын негиздөөдөгү биринчилик кимге таандык экендиги тууралуу маселе эле. Албетте, ал маанилүү роль Токомбаевге эмес, Тыныстановго таандык деген ой биринчи жолу айтылды.

Жыйынтыктаганда, К. Асаналиевдин «Кыргыз совет адабияты баарынан мурда даяр көргөзмөлөрдүн, жол-жоболордун жана чексиз башкарып турган бир идеологиянын негизинде жана туруктуу көзөмөлүндө «мамлекеттик адабият» болуп жаралды. Анын эң алгачкы өкүлдөрү, ошондой эле улам кийинки муундары эң биринчи иретте ушул идеяга толук ишенип, жазуучу катары ушул ыңгайда калыптанышты. Ушундан улам кыргыз жазуучусунун өткөн мураска, анын ичинде улуу «Манаска» карата мамилеси да бийлик кылган идеологиянын талабына, социалистик реализмдин пирнциптерине ылайык түзүлдү. «Манас» эпосунун айланасындагы айыгышкан кагылыштар жана ыгы жок ызы-чуулар да, дал

ушул үстөмдүк кылган идеологиянын ар түркүн шарттагы амплитудасына жараша жаралып, бирде кыргыз эпосу ачыкка чыгып, бирде тебеленип көмүскөдө калып жатты» [Асаналиев, К. «Манас» эпосу жана Чыңгыз Айтматов [Текст] //Кыргыз туусу – 1995. – 18-август] – деген пикири тоталитаризмдин көркөм адабиятка, манастаанууга тийгизген таасирин ачык айгинелеп турат.

**4-глава боюнча корутунду**

1.Ч.Айтматов менен «Манас» эпосунун ортосундагы байланыш мына ушундай эки көрүнүштө т.а. эки тараптуу: эпоско философиялык-эстетикалык мамиле жана эпостун чыгармачылыгынын башаты катары, көркөм аң-сезиминде орун алышы.

2.«Манас» эпосунун айдыңындагы идеялык карама-каршылыктан улам эпикалык көркөм чындыкты реалисттик адабияттын чен-өлчөмдөрүнөн кароонун жаңылыштыгы дагы бир ирет далилденди.

3.Кыргыз адабиятынын тарыхындагы Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы карама-каршылык, «Манас» эпосуна байланыштуу идеялык күрөш эки улуу инсандын ортосундагы идеялык күрөш эле эмес, кыргыз рухий дүйнөсүндөгү жаңычыл көз караш менен эски көз караштын кармашы, бет келүүсү эле.

4.Көп жылдарга созулган совет идеологиясынын улуу эпоско карата мамилеси акыры биротоло ашкереленип, 30-жылдардан бери келе жаткан идеялык күрөш корутундуланды десек туура болот.

**5-глава “Постсоветтик доордогу кыргыз адабияты жана «Манас»** деп аталып, эки прагарафтан турат**. 5.1. «Манастын» 1000 жылдык юбилейи жана анын тарыхый мааниси”** – аттуу параграфта кайра куруу жана айкындык жылдарында мурунтан калыптанып жана аң сезимге бекем сиңип калган бир катар постулаттар, айрыкча «социалисттик реализм», «маданий курулуш», «социалисттик маданият» сыяктуу идеологиялык түшүнүктөр өзүнүн методологиялык маанисин жоготкондугу тууралуу сөз болот. Жаңы замандын келиши менен мурунку бир катар стереотиптер, баалуулуктар кайрадан каралып, эпостун эгемендик доордогу зор руханий ролу, улутту консолидация кылуу кудурети, кыргыз адабиятын жаңы идеялар менен байытуудагы кызматы ушул параграфта ачыкталды. Эгемендик келиши менен ошол мезгилдеги коомдун этикалык, эстетикалык, идеологиялык нормалары түп тамыры менен өзгөрүп, жыйынтыгында көркөм-эстетикалык системанын да кыйла өзгөрүүсүнө, б.а. соцреализмдин кризисине алып келди. Бул жөн гана катардагы кризис эмес, социалисттик коомду тейлеген адабий көзөмөлдүн функциясы бүтүп, өз жашоосун токтотту деген сөз эле. Ошол эле учурда совет адабиятынын идеялык жактан кыйрап, жаңы адабият да дароо эле түптөлө койбой, ортодо кыргыз адабияты тоталдык кризиске туш болду. Мунун бир көрүнүшү – совет мезгилиндеги беделдүү адабий басылмалар деп саналган «Ала-Too»,

«Литературный Кыргызстан» журналдары, «Кыргызстан маданияты» жумалыктарынын чыкпай калгандыгы болду. Бир жагынан чыгармачылык эркиндик, каалаган темада жазууга мүмкүнчүлүк жаралса, экинчи тараптан мамлекеттик патернализм психологиясы күчүнөн тайбай, кыргыз жазуучулары советтик ой жүгүртүүлөрүнүн инерциясынан жеңил эле чыга алышкан жок.

Соцреализмдин принциптеринин даяр үлгүсүнө салып жазууга көнүп калышкан улуттук калемгерлер өтө татаал драматизмге толгон заманда жашашканы менен ал заманды кантип жазуу керектигин билишпеген сыяктуу эле. Ошол эле учурда маселенин экинчи тарабы бар болчу. Ал экономикалык кризис, адабиятка мамлекеттик камкордуктун жоктугу болду. Айрым калемгерлер сөз эркиндигинен аптыккан абалга туш болушту, рынок заманынын таш боор реалияларын кыйлага чейин кабыл алышпады. Ошентип көчө сөздөрү менен жазылган көркөмдүгү начар детективдер, курч окуяларды кууган ортозаар чыгармалардын жарыкка чыгуусуна шарт түзүлдү. Адабий тилдин нормалары одоно бузулуп, көркөм-эстетикалык табитти буза турган чыгармалар жаралды. Кыргыз чыгармачылык тармагындагы бир топ мезгилге созулган рухий хаосту иретке келтирүүдө «Манас» эпосунун 1000 жылдык юбилейин өткөрүү көмөкчү болду. Улуу эпостун юбилейин өткөрүү – кыргыз улутунун рухий кайра жаралуусунун символу болуп калды.

Ушул учурда манастаануу илими да бир топ алга жылып, «Манас» эпосундагы байыркы мифологиялык, неомифологиялык, көөнө архаикалык, неоархаикалык мүнөзү, фольклордук-реалисттик дүйнө таанымы, эпостун энциклопедиялуулугу, полифункционалдуулугу, элдин рухий менталитетин чагылдырып туруучу кубаты, мазмунунда ички жана тышкы, реалдуу жана идеалдуу, мифтик жана реалдуулук кубулуштар айкалышып турарлыгы, окуялардын бир мезгилдеги жана мейкиндиктеги, ар кайсы мезгилдеги жана ар кайсы мейкиндиктеги чагылышы, адам, коом, табияттагы гармония жана дисгармония, мезгилдин рухий, коомдук, эстетикалык, этикалык, идеологиялык, адеп-ахлактык талаптарын, керектөөсүн канааттандыра турган мүмкүнчүлүгү кенен изилдөөгө алына баштаган эле.

**5.2. «Өткөөл мезгилдеги кыргыз адабияты жана «Манастын» тегерегиндеги жаңы талаштар: кыскача обзор»** – деп аталган праграфта «Манас» эпосун изилдөө, жайылтуу, окутуу процессине киргизүү кыргыз коомчулугунда өзүнчө бир тенденцияга айланып, бул тренд 2000-жылдардын башында өзгөчө күчөгөнүнө токтолдук. Буга бир нече себептер болду. Биринчиден, улуу эпостун подтекстинде катылып жаткан идеяларды ар ким ар кандайча чечмелөөгө ала баштады. Эпосту дагы да «өнүктүрүү» керек деген ойлор жаралды. Экинчиден, эпосту интерпретациялоодо ар кандай илимге каршы келген тыянак-жыйынтыктар жасала баштады. Аны диний китеп катары кабыл алып, башкы каарманын «ыйык» инсан деп жарыялоо керек деген чакырыктар да жасалды. Ырас, эпостогу «купуя

коддор, шифрлер, символдор» тууралуу М.Убукеев. О.Ибраимов. М.Борбугулов, Ш.Акмолдоева, М.Мамыровдор өздөрүнүн иликтөөлөрүндө илимий көз караштан алыстабастан туруп, негиздүү белгилешкен. Эпостун «сыйкырлуу сыры» бар экендиги улуу жазуучу Ч.Айтматов тарабынан да бир нече ирет белгиленген. Ошого карабастан илимге сыйбаган эзотерикалык көз караштар, керек болсо саясий партияларга платформа катары пайдаланылган үстүрт жыйынтыктар, ошондон улам келип чыккан көз караштардын эмоционалдуу кагылышы күчөдү.

Акыркы мезгилдерде эпосту талдоодо жана кабыл алууда эки тенденция пайда болду. Биринчиси аны таза тарыхый чындык катары кабыл алуу, экинчиси – анын өзгөчө касиеттүү, космос менен байланышкан, диний-идеалисттик окуу катары (кээде дин катары) кабыл алуу. Эпостун тарыхый чындык катары кабыл алуу тенденциясы күчөп отуруп, атайын эмгектер да жазылды (мис. О.Айтымбетов).

«Манас» эпосунан жаңы кудай издөөчүлүк, жаңы диний окуу жаратуучулук, Манастын өзүн Улуу Рухка айлантуу сыяктуу псевдо-илимий (non-science) же илим деп атоого жараксыз иликтөөчүлүк, өтө амбициялуу «долбоор» «Жайсаң» (алгачкы 6 тому), – «Айкөл Манас» (кийинки томдору) деп аталган 10 томдон турган дастандын жаралышы, аны массалык басма сөз каражаттары аркылуу коомчулукка кенен пропагандалоо, ага арналган илимий китептердин жазылышы ж.б. иш-чаралар болду. Бул сыяктуу коомдук пикирди манипуляциялаганга максатталган, улуу эпостун мазмунун фальсификациялаган иш-чарага «Жайсаң» дастаны ачык мисал. Ал «Манас» эпосуна альтернатива катары чыгып, керек болсо аны жокко чыгарып, кыргыз элинин рухий дүйнөсүндөгү ордун талаша баштаганда чуулгандуу полемика башталып, чоң талаш-тартыш келип чыкты. Илимий жана адабий коомчулукта «жайсаңчылар», жана анын активдүү жокко чыгаруучулары жана ортосаар пикирдегилер келип чыкты. Көркөмдүк жагы алешем, ишенимсиз фактыларга толгон, мистика менен ар кандай диний окуулардын эклектикалык аралашмасынан турган, таза профессионал адабиятка же, таза фольклордук жанрга тиешеси жок күмөндүү чыгарманы улуу «Манас» эпосунун «түп нускасы» деп атоо эч качан кыргыз коомчулугун тынч коймок эмес. Ошентип көп жылдарга созулган талаш жаралды. «Манас» эпосу асмандан түшкөн мистика да, тарыхый чыгарма да эместиги, «улуу таланттар, нечендеген манасчылардын муундары жараткан элдик баатырдык эпос экендиги» ар бир макалада айтылып жүрүп отурду. Эгерде мурунку тоталитардык замандарда эпос советтик идеологиянын «тапчыл» позициясынан улам жабыр тартса, эми болсо ким каалагандай чечмелеген, волюнтаристтик доордо таң калаарлык талоонго кабылды. Бардык мезгилдердегидей эле улуу эпосту өздөрүнүн тар, утурумдук максатын жүзөгө ашыруу үчүн пайдалангандар жана аларга каршы күрөшүүчүлөр «Манас» үчүн чынында да жан үрөштү.

**5-глава боюнча корутунду**

1. Советтик идеологиялык түшүнүктөрдүн методологиялык мааниси жоголуп, коомдун этикалык, эстетикалык, идеологиялык нормалары түп тамыры менен өзгөрүп, жыйынтыгында көркөм-эстетикалык системанын да кыйла өзгөрүүсүнө, б.а. соцреализмдин кризисине алып келди
2. Советтик идеологиянын чабуулуна кабылган «Манас» эпосунун чыныгы маани-мазмуну эл аралык масштабда белгиленип, эпостун жалпы адамзаттык улуу идеялары ачык айтылды жана кыргыз рухий дүйнөсүнө карата жаңы көз караштын пайда болушуна шарт түзүп, жаңыча ойлонуу, өткөнгө адилеттүү баа берүү тенденциясын жаратты.
3. Улуу эпостун көп катмарлуу, табышмактуу сырлары, улуу рухий-идеологиялык күч-кубаты кайрадан дагы бир ирет XXI кылымда бузуп-жаргыч күчтөр тарабынан колдонулуп, фальсификацияга, калп модернизацияга учурады. Эпостун тегерегиндеги бардык идеялык күрөштөр сыяктуу эле, бул акыркы же эң кийинки идеялык күрөшкө коомдук ой жүгүртүүнүн (көркөм, саясий, философиялык, диний ж.б.) бардык катмарлары тартылды.

## КОРУТУНДУ

Илимий изилдөө "Манас" эпосу менен кыргыз адабиятынын бир кылымдын ичиндеги карым-катнашына, ич ара чыгармачылык аркеттенишүүсүнө арналды. Ошону менен бирге негизги орунду XX кылымдын биринчи жарымындагы «Манас» эпосунун тарыхый тагдыры, Совет доорундагы токтобогон талаштар жана ошондой эле манастаануудагы эки эстетикалык көркөм бийиктиктин табияты, карманган принциптери жана кыргыз элинин көркөм сөз маданиятынын өнүгүү процессиндеги ролу иликтенди. "Манас" жана саясий идеология, эпос жана профессионал чыгармачылык конкреттүү мисалдардын негизинде талдоого алынып, төмөнкүдөй негизги тыянактарга келдик:

1. «Манас» эпосу менен кыргыз профессионал адабиятынын өз ара карым-катышы, эстетикалык жактан «тогошуусу» кыргыз адабиятын дүйнөлүк башка адабияттардан айырмалап туруучу өзгөчөлүк иретинде каралды. Бул бөтөнчөлүктү ачып берүү максатында «Манас» эпосунун кыргыз совет адабиятынын калыптанышындагы орду жана көркөм өнүгүүгө тийгизген таасири изилденип, эпоско байланыштуу кыргыз адабиятынын тарыхындагы идеялык карама-каршылыктардын мүнөзү чечмелөөгө алынды. Кыргыз адабиятынын тарыхындагы эпоско байланыштуу идеялык күрөштөрдүн келип чыгышынын себептери жана алардын илимий, көркөм өнүгүүгө тийгизген таасири конкреттүү фактылардын жана аргументтердин негизинде терең иликтенди. Мына ушул иликтөөлөрдүн натыйжасында кыргыз совет адабиятын түптөөдө жана калыптандырууда «Манас» эпосунун ээлеген орду

аныкталып, көркөм – эстетикалык таасири белгиленди.

2. Советтик идеологиядагы саясий коньюнктуранын эпосту жарыялоого жана которууга, изилдөөгө тийгизген таасири, ”Манастын” айланасындагы талаш-тартыштар, илимий жана көркөм өнүгүүдөгү континуумдун кез-кези менен үзүлүшү изилденип, бир катар илимий тыянактар жасалды. Вульгардык-социологиялык сын кыргыз элинин эпикалык маданиятына чоң зыян келтирип, эпоско эстетикалык, философиялык позициядан баа берүүдө чаташууларга, илимий жаңылышууларга алып келгени далилденип, анын түпкү себептери жана табияты, эпостун басылып чыгышына, которулушуна жана изилденишине советтик идеологиянын тийгизген таасири талдоого алынды.

3. «Манас» эпосун XX кылымдагы кыргыз адабиятынын өнүгүү тенденциялары менен айкалыштыра изилдөө, басып чыгаруу, жарыялоо маселелери, улуу эпостун советтик идеологиянын контекстиндеги татаал тагдыры, аны конъюнктуралык кызыкчылыктар үчүн колдонуу аракеттери, эпостун идеяларын коммунисттик идеяларга ылайыкташтыруу аракеттери, кыргыз адабиятынын тарыхындагы идеялык талаш-тартыштарды талдоо жана илимий баа берүү аркылуу аныкталды деп жыйынтыктоого болот. Ошондой эле эпоско байланыштуу идеялык күрөштөрдүн ички табиятына сүңгүп кирүү аркылуу мына ушул тенденциялуу процесстердин кыргыз көркөм ой жүгүртүүсүнө жана манастаануу илминин өнүгүүсүнө тийгизген таасирин аныктоого жана илимий тыянак чыгарууга аракеттер жасалды.

4. Кыргыз адабиятындагы биринчи муун менен экинчи муундун эстетикалык баалуулуктарга жасаган мамилесиндеги жана көз карашындагы айырмачылык, бул айырмачылыктын кыргыз адабиятындагы ар кандай кырдаалдарга, улуттук көркөм сөздүн негизги бутактарынын бири – «Манас» эпосунун илимий тагдырына тийгизген таасири кенен иликтенди. Анын себеби «Манас» жаңы адабиятты, жаңы советтик маданиятты түптөөдөгү бирден-бир база, таяна турган платформа, мүмкүнчүлүк болчу. Кыргыз адабиятынын тарыхындагы курч идеялык күрөштөрдөгү (А.Токомбаев – К.Тыныстанов, А.Токомбаев – Ч.Айтматов) «Манас» эпосунун эки негизги тараптын колундагы саясий жана идеологиялык аргумент катары колдонулушуна жана эпостун идеялык мазмунунун түрдүүчө интерпретацияланышына илимий-теориялык көз караштан баа берүүгө жетишилди.

5. Кыргыз көркөм сөз ишмерлеринин эстетикалык аң сезиминин калыптануусундагы эпостун ролун далилдөө да бул эмгектин негизги милдеттеринин бири болду. Ал милдетти аткаруу үчүн эпостун айланасындагы кызуу талаш-тартыштарды тыкыр иликтеп жана А.Токомбаев менен К.Тыныстановдун ортосундагы адабий айкашка, конкреттүү алсак – «Академия кечелерине» кайрылууга туура келди. Адабий эстетикадан алыс, амбициялуу аракеттерден улам келип чыккан кыргыз адабиятындагы эки карама-каршы көз караш

кантип жаралгандыгы, адабий интеллигенциянын калыптанышындагы бир топ зыяндуу ролу да баса белгиленди. Заманга жараша эстетикалык баалуулуктардын алмашуусу, адабий мурастарга мамиленин өзгөрүшү, адабияттын нукура миссиясы боюнча позициялардын карама-каршылыгы, ошол позициялардын кантип жаралгандыгы, түпкү себептери жалпы совет адабиятындагы процесстердин контекстинде каралды.

6. Совет мезгилиндеги “Манас” эпосун кабылдоодогу эки негизги позициянын, эки карама-каршы тараптын күрөшү жана анын жыйынтыктары конкреттүү фактылар менен бекемделип отурду. Айрыкча советтик режимдин катуу идеологиялык көзөмөлүнө кабылган изилдөөчүлөрдүн 30-жылдары репрессияга кабылуусу, ал эми ждановдук саясий кампанияда «Манас» эпосу өзү репрессиянын себеби жана обьектиси болгондугу анализденди. Эпоско мамлекеттик саясий конъюнктуранын керектөөсүнө жараша ар кайсы мезгилде ар түрдүү мамиле жасалгандыгы ырасталды. «Манас» эпосуна байланыштуу саясий-идеологиялык максатта жасалган мамиледен улам кыргыз илимий-тарыхый процессиндеги континуумунун үзгүлтүккө учурашы, анын биринчи муунунун (К.Тыныстанов, И.Арабаев ж.б.), экинчи муунунун (Т.Байжиев, З.Бектенов, Т.Саманчин) трагедиялуу тагдырынын себептери изилдөөгө алынды. Эпоско арналган биринчи (1935-ж.) жана экинчи (1952-ж.) конференциялардын илимий тыянактары жана анын кыргыз көркөм сөз маданиятынын өнүгүшүнө тийгизген таасирин аныктоого аракеттер жасалды. Бул эки конференция, айрыкча экинчиси, кыргыз интеллигенциясын кадимкидей ойготуп, рухий-көркөм жана илимий жактан өнүгүшүнө түрткү болуп, кыргыз адабиятынын «тездик менен өнүгүшүнө» кыртыш болуп бергендиги белгиленди.

Эки конференцияда тең эпоско карата марксисттик-лениндик окуудагы адабияттын таптуулугу, партиялуулугу, элдүүлүгү принциптеринен туруп мамиле жасалган болчу. Ошого карабастан эпостун кыскартылып болсо да бириктирилген вариантынын жарыкка чыгышы кыргыз элинин маданий турмушундагы олуттуу окуялардан болгон. Жыйынтыгында эпоско карата вульгардык-социологиялык позиция эпостун тегерегиндеги илимий талашка эле от таштабастан, конкреттүү изилдөөчүлөрдүн да тагдырына чабылган балта болгондугу далилденди. Советтик турмуштун руханий талаптарына ылайыктуу чыгармалар гана элдик боло алат, ал эми советтик режим, марксисттик идея менен үндөшө албагандардын бардыгы элдүүлүк принцибине каршы келет деген концепциянын жаңылыш болгондугу тастыкталды.

Мындан тышкары кыргыз эпосун, анын теориясын, көркөм табиятын, келип чыгыш маселесин изилдеген В.М. Жирмунский, М.О. Ауэзов, Б. Юнусалиев сыяктуу окумуштуулар кандай аспектте жана кандай илимий негизде эпосту изилдөөгө алышкандыгы белгиленип, «Манас» эпосунун өзү эле эмес, ал тууралуу жазылган эмгектер да советтик идеологиянын

кесепетинен улам илимий ойду кедейлентип, натыйжада кыргыз илиминин өнүгүшүн артка тарткандыгы белгиленди.

7. Кыргыз адабиятына мүнөздүү көркөм-эстетикалык өнүгүүнүн табиятын ачып берүүдө Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы менен «Манас» эпосунун байланышы каралды. Ч.Айтматов-сүрөткер эпостун көркөм системасына, терең философиялык маңызына баа берүүсү жана анын улуу эпоско карата советтик идеологиялык позициядан айырмаланган, жаңыча иликтөөгө түрткү болгон көз караштары иликтөөгө алынды.Ч.Айтматовдун чыгармачылык дүйнөсүндө «Манас» эпосунун алган орду да өзгөчөлүү экендигин, «Манас» эпосу Ч.Айтматов сыяктуу дүйнөлүк масштабдагы таланттын жаралышына өбөлгө, негиз болду деген ойлорду бекемдөөгө аракеттендик.

Эпостун көркөм структурасындагы, эстетикалык системасындагы эң негизги проблемаларды Ч.Айтматов кантип анализдегени да жазуучунун макала, интервьюларынын негизинде иликтөөгө алынды. Чындыгында да «Манасты» кыргыз адабиятынан, ал эми кыргыз адабиятын, айрыкча XX кылымдагы профессионал адабиятты бул улуу эпостон бөлүп кароого болбойт.
8. Кайра куруу доорундагы кыргыз адабияты менен «Манас» эпосунун ортосундагы карым-катыш тууралуу ой жүгүртүүлөрүбүздө жаңы замандагы кайрадан башталып кеткен полемикаларга токтолууга туура келди. Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы идеялык талаш жана анын тарыхый-маданий мааниси, кыргыз адабиятындагы ар кыл көркөм-эстетикалык жана саясий-идеологиялык концепциялардын карама-каршылыгы жана анын рецидиви Ч. Айтматов менен А. Токомбаевдин ортосундагы атактуу талашта кайра жанданды. Бул талашты анализдөөдө кыргыз жазуучуларынын кыйласы мурунку репрессивдик, коньюнктуралык стереотиптерден дале болсо бошоно албай кала бергендиги, ал эми Ч.Айтматов мына ушул калыптардан суурулуп чыгып, эпосту башкача философиялык тереңдикте, эстетикалык бийиктикте аңдап, чечмелөөгө жетишкендиги белгиленди.

Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы «Манас» эпосуна байланыштуу айыгышкан идеялык карама-каршылыктын түпкү себептеринин бири ошол кездеги империялык саясат экендиги да изилденди. Эки залкардын айыгышуусу кыргыз адабиятынын тарыхындагы эски түшүнүк менен жаңы түшүнүктүн кагылышуусу болгондугу ырасталды. Мына ушул талашта эки концептуалдуу маселе козголду: биринчиси –кыргыз профессионал адабиятын негиздөөдөгү биринчилик кимге таандык экендиги, экинчиси – кыргыз адабиятынын тарыхын кайра баштан оңдоп жазуу.

Ошентип, «Манас» эпосуна байланыштуу 80-жылдарда чыккан талаш кыргыз адабиятынын тарыхын бүт кайра баштан жазуу зарылдыгын ачыкка чыгарды. Бул талаш-тартыштан улам авторитардык идеологиянын принциптеринин тууралыгына, түбөлүктүүлүгүнө шектенүү жаралып, совет

идеологиясынын улуу эпоско карата бир кездеги жаңылыш мамилеси сынга алынды жана 30-жылдардан бери келе жаткан идеялык күрөш корутундуланды деген бүтүмгө келдик.

9. Постсоветтик доордогу «Манас» эпосунун кыргыз адабиятынын жана маданиятынын өнүгүүсүндө ээлеген ордуна да атайын глава арналды. Постсоветтик доордогу коомдук-тарыхый кырдаал, кризис заманындагы кыргыз адабиятынын абалы жана «Манас» эпосунун 1000 жылдык юбилейинин улуттук рухий кайра жаралууга түрткү болушуна токтолдук. Өткөөл мезгилдеги кыргыз адабиятында орун алган боштукту иретке келтирүүдө «Манас» эпосунун руханий күчү маанилүү болгондугу да айтылды. Ошону менен бирге «Манас» эпосун дүйнөгө таанытуу аракеттери жана анын жыйынтыктары тиешелүү илимий, адабий фактылар аркылуу иликтөөгө алынды. Улуу эпостун юбилейинен кийинки кыргыз эли улуттук тарыхына кайрадан кайрылып, аны жаңыча интерпретациялоого багыт алды. Кыргыз элинин руханий жактан кайра жандануусу сезилип, улуттун тарыхый эстутумуна кайрылган ар кандай жанрдагы чыгармалардын жаралышына шарт түзүлдү. «Манас» эпосунун миң жылдыгы эпостун өзүнө эле эмес, бүт кыргыз рухий дүйнөсүнө, анын ичинде кыргыз адабиятына карата жаңы көз караштын пайда болушуна, жаңыча чыгармачылык изденүүгө түрткү болду десек жаңылышпайбыз.

«Манас» эпосунун көп кырдуулугу аны талдоодо жана кабыл алууда эки тенденциянын жаралышы ишенимдүү бегиленди. Биринчиси: эпосту таза тарыхый чындык катары кабыл алуу, экинчиси: аны өзгөчө касиеттүү, космос менен байланышкан, диний-идеалисттик, эзотерикалык окуу катары кабыл алуу.

10. «Манас» эпосунан жаңы дин жана кудай издөөчүлүк, жаңы диний окууну жаратууга аракет, Манас баатырдын өзүн “Улуу Рухка айлантуу” сыяктуу псевдо-илимий тенденциянын жаралышы, анын максаттары, багыты талданды. Улуу эпостун рухий-идеологиялык потенциалы кантип кайрадан фальсификацияга, калп модернизацияга учурагандыгы талдоого алынды.

Жыйынтыктап айтканда кыргыз көркөм сөз маданиятындагы эки улуу көрүнүш: «Манас» эпосу менен кыргыз профессионал адабиятынын ортосундагы көркөм-эстетикалык, илимий, тарыхый карым-катыш ар тараптуу илимий позицияда изилденди жана каралды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык илимий изилдөөнүн жыйынтыктары манас таануу жана кыргыз адабият таануу илиминдеги идеялык карама-каршылыктардын табияты, алардын келип чыгышынын себептери-натыйжалары, көркөм ой жүгүртүүгө тийгизген таасири тууралуу бир топ илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө түрткү боло алат. “Манас” эпосу жана кыргыз адабияты соцреализмдин принциптерине ылайык изилденип келген. Аталган адабий

метод өзүнүн тарыхый функциясын аткарып бүткөндөн кийин, мурдагы илимий проблемаларды изилдөө башкача методологияны талап кылууда. Бул илимий иштин тыянактары төмөнкүдөй багыттагы илимий-практикалык иштерди жүргүзүүгө багыт боло алат:

1. Кыргыз эпикалык чыгармачылыгын жана профессионал адабиятын изилдөөгө соцреализмдин тийгизген таасири жана орду.
2. “Манас эпосунун текстологиялык маселелери б.а. алгачкы кол жазмалардын советтик идеологиянын талаптарына ылайык өзгөрүшү.
3. Кыргыз адабиятынын өнүгүшүндөгү идеялык карама-каршылыктардын мааниси (У.Абдукаимов “Майдан”, Т.Сыдыкбеков “Көк асаба”, Т.Касымбеков “Сынган кылыч” ж.б.).
4. “Идеялык күрөш” б.а. карам-каршылыктардын көркөм ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө тийгизген таасири.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. **Акматова, В.С.** «Манас» эпосу менен советтик идеологиянын амбициясынын ортосундагы карама-каршылык [Текст] / В.С.Акматова // КР УИАнын Кабарлары. – 2014. – №3-4 – 96-100 б. – https://elibrary.ru/item.asp?id=27372132.
2. **Акматова, В.**С. Улуттук өзүн өзүн андоонун өнүгүшүнүн «Манас» эпосунун мазмунуна тийгизген таасири (XX кылымдын башы) [Текст] / В.С.Акматова // Адабият жана искусство маселелери – Бишкек, 2015 – №1. – 297-301-б.
3. **Акматова, В.С.** «Манас» эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш: («Манас» эпосуна арналган биринчи илимий конференциянын (1935) адабий-тарыхый мааниси) [Текст] / В.С.Акматова // Жусуп Мамайга арналган илимий конференциянын материалдары. – Б., 2015. – 161-166 б.
4. **Акматова, В.С.** Постсоветтик доордогу кыргыз адабияты жана «Манас» эпосу [Текст] / В.С.Акматова // Наука и новые технологии. – 2015. – №5. – 204-207 б. – https://elibrary.ru/item.asp?id=25303825.
5. **Акматова, В.С.** А.Токомбаев «Академия кечелерине» каршы чыкканбы же «Манаскабы» [Текст] / В.С.Акматова // Кыргыз тили жана адабияты. – 2015. – №27. – 143-146 б.
6. **Акматова, В.С.** Идейные противоречие в истории перевода эпоса “Манас” [Текст]/ В.С.Акматова // Хабаршы. Вестн. Казах. Нац. Пед. ун-т им Абая. – Алма-Ата. – 2015. – № 2. – С. 75-77.
7. **Акматова, В.С.** «Манас» эпосуна арналган конференция (1952) жана анын илимий тыянактары [Текст] / В.С.Акматова // Ж.Баласагын атын. КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылыш. – 2015. – 148-151 б.
8. **Акматова, В.С.** Идеялардын кагылышы: кыргыз көркөм өнүгүшүндө жаңыдан башталып, бирок континууму үзүлүп калган тарыхый тилке [Текст] / В.С.Акматова // Наука и новые технологии. – 2015. – №2. – 278-280 б. – https://elibrary.ru/item.asp?id=24148456.
9. **Акматова, В.С.** 30-40-жылдардагы массалык психоз жана анын “Манас” эпосуна, жалпы эле кыргыз интеллектуалдарынын рухий абалына тийгизген таасири [Текст] / В.С.Акматова // Ж.Баласагын атын. КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылыш. – 2015. – 122-125 б.
10. **Акматова, В.С.** Кыргыз адабиятынын тарыхындагы Улуу эпоско байланыштуу акыркы айгай [Текст] / В.С.Акматова // К.Карасаев атын. БГУнун Жарчысы. – 2015. – №2. – 84-87 б.
11. **Акматова, В.С.** Улутчулдук феномени жана «Манас» эпосу [Текст] / В.С.Акматова // Известия ВУЗов. – 2015. – №1. – 243-245 б. – https://elibrary.ru/item.asp?id=23931979.
12. **Акматова, В.С.** Кыргыз рухий дүйнөсүнүн эки феномени: карым-

катыш жана Улуу эпоско философиялык-эстетикалык мамиле [Текст] / В.С.Акматова // Ататүрк-Ала-Тоо ун-нин Жарчысы. – 2015. – №2. – 102-108 б.

13. **Акматова, В.С.** 1920-30уу. «Manas» DestanInIn YayInI Uzerinde BazI tartIsmala [Текст] / В.С.Акматова // «Bextiar Vahabzade ve azerbaycan filologiasının actual problemleri» movzusunda Beynelxalg elmi konfransi. Bakı dovlet universiteti. – Bakı, 2015. – 29/10 – S.136-140.

14. **Акматова, В.С.** «Manas» DestanI ve totalitarizm ideologisi [Текст] / В.С.Акматова // "Azerbaycanşinaslık: Geçmişi, Bugünü ve Geleceği" Uluslararası Sempozyum, Kars, 2015. – S.19-25.

15. **Акматова, В.С.** Ч.Айтматов и эпос «Манас» [Текст] / В.С.Акматова // Литературные связи = Literary links. – Баку, 2015. – С. 227-230.

16. **Акматова, В.С.** А.Токомбаевдин «Каты» же акындын «Манас» эпосу боюнча талашка негиз болгон көз карашы [Текст] / В.С.Акматова // К.Карасаев атын. БГУнун Жарчысы. – 2015. – №2. – 89-92 б.

17. **Акматова, В.С.** Ч.Айтматов менен А.Токомбаевдин ортосундагы идеялык талаш жана анын адабий-тарыхый мааниси [Текст] / В.С.Акматова // КР УИАнын Кабарлары. – 2015. – №3. – 68-73 б. – https://elibrary.ru/item.asp?id=27446251.

18. **Акматова, В.С.** "Манас" эпосунун айланасындагы идеялык күрөштүн жыйынтыгы – кыскартылып бириктирилген вариантты түзүү тарыхынан [Текст] / В.С.Акматова // Кыргыз тили жана адабияты. – 2015. – №27. – 136-138 б.

19. **Акматова, В.С.** Тоталитаризм мезгилиндеги «Манас» эпосун публикациялоонун тарыхынан (20-30жж.) [Текст] / В.С.Акматова // Кыргыз тили жана адабияты. – 2015. – №5. – 26-31 б.

20. **Акматова, В.С.** К.Тыныстановду айыптоодо «Манас» эпосу аргумент катары колдонулган [Текст] / В.С.Акматова // Кыргыз тили жана адабияты. – 2015. – №5. – 37-42 б.

21. **Акматова, В.С.** Кыргыз адабиятынын өнүгүшүнүн идеялык-эстетикалык өбөлгөсү [Текст] / В.С.Акматова // И.Молдобаев жана заманбап кыргыз этнографиясы. Баяндамалар жана макалалар жыйнагы. – Бишкек, 2017. – 13-17 б.

22. **Акматова, В.С.** Ч.Айтматовдун "Манас" эпосуна карата интеллектуалдык-философиялык позициясы [Текст] / В.С.Акматова // Жусуп Мамай жана түрк калктарынын эпостору. Баяндамалар жана макалалар жыйнагы. – Бишкек, 2017. – 97-101 б.

23. **Акматова, В.С.** Размышления Ч. Айтматова о великом эпосе [Текст] / В.С.Акматова // Филология: научные исследования. – 2017. – № 4. – С.28-31. – https://elibrary.ru/item.asp?id=32451180.

24. **Акматова, В.С.** Роль Айтматова в познании эпоса «Манас» [Текст] / В.С.Акматова // Современные гуманитарные исследования. – 2017. –

№6 (79) – С. 50-53. – https://elibrary.ru/item.asp?id=30767756.
25. **Акматова, В.С.** Чингиз Айтматов о великих сказителях [Текст] / В.С.Акматова // Вопросы гуманитар. наук. – 2018. – №1. – С. 34-38 – https://elibrary.ru/item.asp?id=32430921.
26. **Акматова, В.С.** Эпос «Манас» и кыргызская литература [Текст] / В.С.Акматова // Вопросы гуманитар. наук. – 2018. – №2. – С.35-37 – https://elibrary.ru/item.asp?id=34858044.
27. **Акматова, В.С.** Влияние советской идеологии на формирование развитие и исследование кыргызского художественного слова [Текст] / В.С.Акматова // Актуальные проблемы современной науки. – 2018. – №1. (98) – С.225-228. – https://elibrary.ru/item.asp?id=32467726.
28. **Акматова, В.С.** Идейная борьба вокруг эпоса "Манас" [Текст] / В.С.Акматова // Вопросы гуманитар. наук. – 2018. – №2. (95) – С. 31-34. – https://elibrary.ru/item.asp?id=34858043.
29. **Акматова, В.С.** Постсоветское время и эпос "Манас" [Текст] / В.С.Акматова // Соврем. гуманитар. исследования. – 2018. – №3 (82). – С. 59-62. – https://elibrary.ru/item.asp?id=35324812.
30. **Акматова, В.С.** Интеллектуально-философская концепция Ч.Айтматова к эпосу «Манас» [Текст] / В.С.Акматова // Вопросы гуманитар. наук. – 2018. – №5 (98). – С.43-46 – https://elibrary.ru/item.asp?id=36284074.
31. **Акматова, В.С.** Два феномена кыргызского художественного слова [Текст] / В.С.Акматова // Вопросы гуманитар. наук. – 2019. – №.1(100). – С. 28-31. – https://elibrary.ru/item.asp?id=36893901.

**Акматова Венера Сайпидиновнанын «Манас” эпосу жана кыргыз адабиятындагы идеялык күрөш (XX кылым) деген темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**


**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** А.Токомбаев, конференция, кыргыз адабияты, К.Тыныстанов, **“**Манас» эпосу, идеялык күрөш, советтик-коньюнктуралык идеология, соцреализм, социологиялык-вульгардык сын, тоталитаризм, Ч.Айматов,

**Изилдөө объектиси –** «Манас» эпосунун XX жүз жылдыктагы саясий жана идеологиялык, көркөм-эстетикалык полемикаларга дуушарланышы жана анын себептери жана өбөлгөлөрү, публикациялоо тарыхы, которуу жана изилдөө, популяризациялоо маселелери, кыргыз адабиятынын майданындагы «Манас» эпосуна байланыштуу идеялык күрөштү илимий көз караштан талдоо болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети.** Эпоско байланыштуу ар кайсы жылдары (1925-жылдан азыркы учурга чейин) чыгарылган Өкмөттүк чечимдер, токтомдор, документациялар, архивдик материалдар, эпостун тегерегинде келип чыккан маселелерге байланыштуу материалдар (макалалар, изилдөө эмгектери), эпоско арналган илимий конференциялардын, талкуулардын материалдары иликтөөнүн предметин түздү.

**Изилдөөнүн максаты.** Советтик идеологиянын «Манас» эпосуна тийгизген таасирин илимий жактан интерпретациялоо, идеологиялык коньюнктуранын ойногон ролун тиешелүү фактыларга таянып, ар кыл саясий-идеологиялык көз караштарды эске алуу менен талдоого алуу. Эпостун тегерегиндеги идеялык күрөштүн кыргыз адабиятына тийгизген таасирин белгилөө.

**Изилдөөнүн методдору (усулдары). Диссертацияда** тарыхый-салыштырма, анализ, синтез, системалаштыруу методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жаңычылдыгы:** «Манас» эпосунун тегерегиндеги идеялык күрөштүн табияты, анын кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө тийгизген таасирин кенен фактологиялык жана саясий-идеологиялык, илимий-эстетикалык тыянактардын, чечимдердин жана токтомдордун негизинде изилдеген биринчи эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын колдонуу боюнча сунуштар:** Диисертациянын материалдарын манас таануу жана кыргыз адабият тaануусу боюнча изилдөө жүргүзүүдө, жогорку жана орто билим берүү процессинде колдонуу сунушталат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын колдонуу чөйрөсү:** илимий изилдөө, жогорку жана орто билим берүү процессинде колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Акматовой Венеры Сайпидиновны на тему: «Эпос «Манас» и идейная борьба в кыргызской литературы (XX век)» на соискание ученой степени доктора филологических наук по специальности 10.01.01-кыргызская литература**

**Ключевые слова:** А.Токомбаев, вульгарно-социологическая критика, К.Тыныстанов, конференция, кыргызская литература, идеологическая борьба, советско-конъюнктурная идеология, соцреализм, тоталитаризм, Ч. Айтматов, эпос «Манас».

**Актуальность темы исследования:** противоречия, связанные идеологическими конъюнктурами по эпосу «Манас», тяжелая судьба эпоса в XX веке, особо интересная, с научной точки зрения особо важная и актуальная проблема – исследование взаимосвязи кыргызской литературы прошлого века с эпосом «Манас». Научные и идеологические дискуссии, связанные с эпосом «Манас», организация различных научных диспутов, конференций и взаимосвязь кыргызской литературной науки. В истории кыргызской художественной словесной истории самые значимые идейные дискуссии происходили вокруг эпоса «Манас», которые стали толчком для развития научного мышления

**Объект исследования:** научный анализ значения и роли эпоса «Манас» в кыргызском обществе XX столетия, судьбы, причин и обстоятельств подвергания политическим и идеологическим, художественным и эстетическим полемикам, история публикаций, перевод и исследование, вопросы популяризации, вместе с тем идейная борьба вокруг эпоса, точнее говоря, все процессы, произошедшие на майдане кыргызской литературы, связанные с эпосом «Манас».

**Предмет исследования.** Правительственные решения, постановления, документация, архивные материалы, относящиеся к эпосу в разные годы (с 1925 года по настоящее время); материалы, связанные с вопросами, возникающимися вокруг эпоса (статьи, научные труды); научные конференции, дискуссии, посвященные эпосу составили предмет исследования.

**Цель исследования:** Опираясь на историю и судьбу эпоса в XX веке доказать его вечное движение, его вечность в культурной и литературной жизни. Интерпретация отношения советской идеологии по отношению к эпосу «Манас» с научной точки зрения, показать роль идеологической конъюнктуры, при помощи соответствующих фактов, с учетом различных политико-идеологических точек зрения, проанализировать и раскрыть проблему.

**Методы исследования:** историко-сопоставительный, анализ, синтез, метод систематизации.

**Научная новизна:** данная работа считается первой работой на основе исследований постановлений, решений, фактологических, политико-идеологических, научно-эстетических выводов попытавшей раскрыть духовное значение эпоса «Манас» в XX столетии, показать пройденный путь эпоса, начиная с 1920-х годов до эпохи независимости, роль, природу идеологической борьбы вокруг эпоса, его влияние на развитие кыргызской литературы.

**Рекомендации по использованию результатов исследования**: материалы диссертации рекомендуется использовать в исследованиях по манасоведению и кыргызской литературе, а также в процессе преподавания в высшей и средней системе образования.

**Сфера применения результатов исследования**: научное исследование может быть использовано в процессе преподавания в высшей и средней системе образования.

## The Resume

**Akmatova Venera Saipidinovna's dissertation written on the topic: "Manas" epic and the ideological struggle (the XX century) in the Kyrgyz Literature; to seek the degree in the specialty 10.01.01 – The Doctor of Philological Sciences.**

**Key words:** A. Tokombaev, conference, Kyrgyz literature, K. Tynystanov, epic "Manas", ideological struggle, the Soviet-conjectural ideology, socialist realism, sociological-vulgar criticism, totalitarianism, Ch. Aitmatov.

**The object of the study** is the analyses of the political and ideological, artistic-aesthetic polemics Manas epic of the twentieth century faces, and its reasons and the circumstances, publishing history, translation and research, popularization issues, the ideological struggle connected with "Manas" epic in the field of the Kyrgyz literature from the scientific point of view.

**The subject of the study.** Related to the epic (from the 1925 till present) the Government decisions, resolutions, documentations, archival materials, sources related to the epic (as articles, research materials), scientific materials from the conferences dedicated to the epic and discussion materials are considered as the subject of the research.

**The purpose of the study**. The scientific interpretation of the influence of Soviet ideology on the "Manas" epic, an analysis of the role of ideological environment, based on relevant facts, taking into account various political and ideological points of view are regarded. Emphasize the influence of the ideological struggle around the epic on Kyrgyz literature.

**Research Methods (Techniques).** There are historical-comparison, analysis, synthesis, systematization methods have been used.

**The novelty of the research results:** It is the first paper which have been researching the nature of ideological struggle around the "Manas" epic, and its impact on the Kyrgyz literature improvement on the bases of the wide factual and political-ideological, scientific-aesthetic results and decisions of government. **Recommendations for the use of the results of the study materials:** Thesis Manas studies and literature on the confession of the study, proposed to use in the process of secondary and higher education.

**The recommendations on the usage of the research results:** Dissertation materials are recommended to use in the research of Manas Studies and Kyrgyz Literature subjects at secondary and higher educational institutions.

**The field of usage of the research results:** scientific research, in the educational process of secondary and higher educational institutions.